КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНКЫНЫН

# ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫ

## № 2/2017

# НОРМАТИВНЫЕ АКТЫ

НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын Улуттук**
**банкынын ченемдик актылары**


**Редакциялык коллегия:**

| | |
|---|---|
| Төрага: | Сыдыков А.К. |
| Коллегия мүчөлөрү: | Темиров К.А. |
| | Жаныбекова Ч.А. |
| | Садыкова Н.О. |
| Жооптуу катчы: | Куанбек кызы Н. |



**Басылманын мазмунуна тиешелүү маселелер боюнча маалымат алуу үчүн:**
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Юридикалык башкармалыгына:
телефон: (996 312) 61 10 38 телефону
факс: (996 312) 61 10 59 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Басылманы таркатуу маселеси боюнча:**
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары бөлүмүнө:
телефон: (996 312) 61 08 59 телефону
факс: (996 312) 61 09 92 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg


**Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик документтери жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо бул басылманын негизги максаты болуп саналат.**
**Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.**


**Уюштуруучусу –** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөн жана 1998-жылдын 5-октябрында 321-номердеги күбөлүктү алган.

Жоопкерчилиги чектелген коом «M-Maxima» тарабынан даярдалган жана басылып чыгарылган.
Бишкек шаары, Горький көчөсү, 48/1-6.
2017-жылдын 19-октябрында басууга кол коюлган.
2017-жылдын 24-октябрында басылган.
100 нускада чыгарылат.



© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2017-жыл.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз басылманы кайсы формада, кайсы каражаттар менен болбосун көчүрүп басууга жана таркатууга жол берилбейт. Кайра басууда жана андан шилтеме келтирүүдө «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары» басылмасына таянуу зарыл.

# Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики

**Редакционная коллегия:**
Председатель: Сыдыков А.К.
Члены коллегии: Темиров К.А.
Жаныбекова Ч.А.
Садыкова Н.О.
Ответственный секретарь: Куанбек кызы Н.

**По вопросам, связанным с содержанием публикаций, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, пр. Чуй, 168, Национальный банк Кыргызской Республики,
Юридическое управление:
телефон: (996 312) 61 10 38
факс: (996 312) 61 10 59
http://www.nbkr.kg

**По вопросам, связанным с распространением публикаций Национального банка Кыргызской Республики, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, пр. Чуй, 168, Национальный банк Кыргызской Республики,
Отдел публикаций Национального банка:
телефон: (996 312) 61 08 59
факс: (996 312) 61 09 92
http://www.nbkr.kg

**Целью издания журнала является официальная публикация нормативных актов Национального банка для обеспечения коммерческих банков и общественности нормативными документами Национального банка и официальной информацией о деятельности Национального банка, а также проведение пропаганды банковского законодательства Кыргызской Республики.**
**Предположительная периодичность издания журнала – один раз в месяц на кыргызском и русском языках.**

**Учредитель:** Национальный банк Кыргызской Республики.
Издание зарегистрировано Министерством юстиции Кыргызской Республики, свидетельство о регистрации СМИ № 321 от 5.10.1998 года.

Подготовлено к печати и отпечатано ОсОО «Maxima».
г. Бишкек, ул. Горького, 48/1-6
Подписано в печать 19 октября 2017 года.
Отпечатано 24 октября 2017 года года.
Тираж 100 экз.

© Национальный банк Кыргызской Республики, 2017 год.

Настоящее издание не подлежит воспроизведению и распространению в любой форме и любыми средствами без разрешения Национального банка Кыргызской Республики. При перепечатке и переводе выдержек ссылка на издание «Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики» обязательна.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (Улуттук банктын) өткөн жыл үчүн отчету болуп саналат. Ал өзүндө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Бул ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылмада тышкы секторду өнүктүрүү тенденциялары жана төлөм балансы, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз жана Кыргыз Республикасынын инвестициялык позициялары боюнча маалыматтар чагылдырылат. Чейрек сайын – январь, май, июль, октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет***

Бул отчет финансылык туруктуулукка таасир этүүчү тышкы жана ички экономикалык факторлор боюнча Улуттук банктын жалпы баа берүүсүн, банктардын жана башка финансылык ортомчулук институттарынын абалын, ошондой эле Кыргызстандын финансы рынокторунун күндөлүк абалын жана финансы секторунун туруктуулугун талдап-иликтөөнү чагылдырат. Жарым жылдык негизде кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

## Другие издания Национального банка Кыргызской Республики

### *Годовой отчет Национального банка Кыргызской Республики*

Данная публикация является отчетом Национального банка Кыргызской Республики (НБКР) за прошедший год. Содержит краткую информацию об экономическом развитии республики и денежно-кредитной политике, финансовую отчетность НБКР, общие сведения о НБКР, статистические приложения. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

### *Бюллетень Национального банка Кыргызской Республики*

Это ежемесячное информационное издание содержит статистические сведения по основным макроэкономическим показателям и секторам экономики Кыргызской Республики. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

### *Платежный баланс Кыргызской Республики*

«Платежный баланс Кыргызской Республики» отражает тенденции развития внешнего сектора и данные по платежному балансу, внешней торговле, международным резервам, внешнему долгу и международной инвестиционной позиции Кыргызской Республики. Публикуется ежеквартально в январе, мае, июле, октябре на кыргызском, русском и английском языках.

### *Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики*

Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики отражает общую оценку Национального банка относительно внешнеэкономических и внутриэкономических факторов, влияющих на финансовую стабильность, состояния банков, других институтов финансового посредничества, а также анализ текущего состояния финансовых рынков и устойчивости финансового сектора Кыргызстана. Публикуется два раза в год, на кыргызском, русском и английском языках.

# МАЗМУНУ:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 12-апрелиндеги № 15/5 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (2017-жылдын 17-апрелинде Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) ................................................ 10

2. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 21-апрелиндеги № 16/3 «Улуттук банк Башкармасынын 2002-жылдын 25-январындагы № 6/7 «Казыналык системасынын Кыргыз Республикасынын банк мекемелери менен эсептешүүлөрүн уюштуруу жөнүндө» жобо тууралуу» токтомун күчүн жоготкон катары таануу жөнүндө» токтому (2017-жылдын 26-апрелинде Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) ........................................................... 15

3. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 26-апрелиндеги № 17/2 «Улуттук банк Башкарамасынын 2016-жылдын 5-февралындагы № 5/3 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын коммерциялык банктар менен своп-операцияларын (эсептелинген) жүргүзүү тартиби жөнүндө» убактылуу жобонун долбоорун бекитүү тууралуу» токтомун күчүн жоготкон катары таануу жөнүндө» токтому (2017-жылдын 11-майында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) .................................... 17

4. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 26-апрелиндеги № 17/3 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтому (2017-жылдын 11-майында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) ....................... 19

5. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 26-апрелиндеги № 17/8 «Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 21-декабрындагы № 55/3 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында коммерциялык банктарды жана финансы-кредит мекемелерин кассалык тейлөө жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (2017-жылдын 3-майында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) ....................... 53

6. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 26-апрелиндеги № 17/13 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (2017-жылдын 4-майында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) ........................................................................56

7. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 17-майындагы № 19/1 «Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-мартындагы № 15/6 «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтому (2017-жылдын 17-майында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)........................69

8. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 17-майындагы № 19/2 «Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 5-февралындагы № 5/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын коммерциялык банктарга чет өлкө валютасындагы кредиттерди улуттук валютага конвертациялоо максатында кредиттерди сунуштоосу жөнүндө» убактылуу жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (2017-жылдын 25-майында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)........................78

9. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 17-майындагы № 19/10 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” токтому (2017-жылдын 25-майында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)........................81

10.Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 17-майындагы № 19/11 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” токтому (2017-жылдын 25-майында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)........................94

# СОДЕРЖАНИЕ:

1. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 12 апреля 2017 года № 15/5 «О внесении изменений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 17 апреля 2017 года)........................106

2. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 21 апреля 2017 года № 16/3 «О признании утратившим силу постановления Правления Национального банка Кыргызской Республики «О Положении «Об организации расчетов системы Казначейства с учреждениями банков Кыргызской Республики» от 25 января 2002 года № 6/7» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 26 апреля 2017 года)....... 111

3. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 26 апреля 2017 года № 17/2 «О признании утратившим силу постановления Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении проекта Временного положения «О порядке проведения Национальным банком Кыргызской Республики своп-операций (без поставки) с коммерческими банками» от 5 февраля 2016 года № 5/3» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 11 мая 2017 года)............ 113

4. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 26 апреля 2017 года № 17/3 «О внесении изменений и дополнений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 11 мая 2017 года)........................................................................................ 115

5. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 26 апреля 2017 года № 17/8 «О внесении изменений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении инструкции «О кассовом обслуживании в Национальном банке коммерческих банков и финансово-кредитных учреждений» от 21 декабря 2007 года № 55/3» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 3 мая 2017 года)..........................................................................148

6. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 26 апреля 2017 года № 17/13 «О внесении изменений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 4 мая 2017 года) ..............................151

7. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 17 мая 2017 года № 19/1 «О внесении изменений и дополнений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Положения «Об электронных деньгах в Кыргызской Республике» от 30 марта 2016 года № 15/6» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 17 мая 2017 года) ......................................164

8. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 17 мая 2017 года № 19/2 «О внесении изменений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Временного положения «О предоставлении кредитов Национальным банком Кыргызской Республики коммерческим банкам при конвертации кредитов в иностранной валюте в национальную валюту» от 5 февраля 2016 года № 5/4» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 25 мая 2017 года) ......................................172

9. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 17 мая 2017 года № 19/10 «О внесении изменений и дополнений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 25 мая 2017 года)...................................................................................175

10. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 17 мая 2017 года № 19/11 «О внесении изменений и дополнений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 25 мая 2017 года)...................................................................................187

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2017-жылдын 12-апрелиндеги № 15/5**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банктын төмөнкү ченемдик укуктук актыларына сунушталган өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) бекитилсин:

− 2008-жылдын 27-августундагы № 33/5 «Кыргыз Республикасынын банкнотторунун жана моненталарынын төлөөгө жөндөмдүүлүгүнүн белгилери жана аларды алмаштыруу эрежелери жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;

− 2015-жылдын 25-февралындагы № 13/11 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу бааларын белгилөө жөнүндө» нускоо тууралуу»;

− 2015-жылдын 25-февралындагы № 13/12 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу эрежелерин бекитүү тууралуу»;

− 2015-жылдын 25-февралындагы № 13/13 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтын жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды экспертизадан өткөрүү тартиби жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу».

2. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом 2017-жылдын 22-июнунан тартып күчүнө кирет.

4. Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы ушул токтом менен Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүктү тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Л.Дж.Орозбаевага ыйгарылсын.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын
Улуттук банк Башкармасынын
2017-жылдын 12-апрелиндеги
№ 15/5 токтомуна тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр

1. Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 27-августундагы № 33/5 «Кыргыз Республикасынын банкнотторунун жана монеталарынын төлөө күчүнүн белгилери жана аларды алмаштыруу эрежелери жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын банкнотторунун жана монеталарынын төлөө күчүнүн белгилери жана аларды алмаштыруу эрежелери жөнүндө» жобонун:

− баш сөзүн төмөнкү редакцияда берилсин:

«Жободо Кыргыз Республикасынын банкнотторунун жана монеталарынын төлөөгө жөндөмдүүлүгүнүн белгилери жана аларды алмаштыруу эрежелери аныкталат».

2. Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 25-февралындагы № 13/11 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу бааларын белгилөө боюнча нускоо жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу бааларын белгилөө боюнча нускоонун:

− аталышындагы жана бүтүндөй текст боюнча кездешкен «эмитирленген» деген сөз «чыгарылган» дегенге алмаштырылсын;

− 1-пунктү күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 2-пунктү төмөнкү редакцияда берилсин:

«2. Нускоодо, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) тарабынан чыгарылган, аффинаждалган алтындан жана күмүштөн даярдалган өлчөнгөн куймаларга (мындан ары – өлчөнгөн куймалар) бааны белгилөө тартиби аныкталат.»;

− 11-пункттагы «Камдык фондусунун сактоо жайына» деген сөздөр «Борбордук жүгүртүү касса тобуна» дегенге алмаштырылсын.

3. Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 25-февралындагы № 13/12 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу эрежелеринин:

− аталышындагы жана бүтүндөй текст боюнча кездешкен «эмитирленген» деген сөз «чыгарылган» дегенге алмаштырылсын;

− бүтүндөй текст боюнча кездешкен ар башка жөндөмөлөрдөгү «Борбордук жүгүртүү кассасы» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «Борбордук жүгүртүү касса тобу» дегенге алмаштырылсын;

− 1-пункту күчүн жоготкон катары таанылсын.

4. Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 25-февралындагы № 13/13 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген алтын жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды экспертизадан өткөрүү тартиби жөнүндө нускоону бекитүү» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген алтын жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды экспертизадан өткөрүү тартиби жөнүндө нускоонун:

− аталышындагы жана бүтүндөй текст боюнча кездешкен «эмитирленген» деген сөздөр «чыгарылган» дегенге алмаштырылсын;

− бүтүндөй текст боюнча кездешкен «Борбордук жүгүртүү кассасы» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «Борбордук жүгүртүү касса тобу» дегенге алмаштырылсын;

− 1-пунктү күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 2-пунктү төмөнкү редакцияда берилсин:

«2. Нускоодо Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан чыгарылган, аффинаждалган алтындан жана күмүштөн даярдалган өлчөнгөн куймаларды (мындан ары – өлчөнгөн куймалар) жеке адамдардан жана юридикалык жактардан кайтара сатып алуу учурунда аларга кылдат экспертиза жүргүзүү тартиби, ошондой эле Улуттук банктын жана анын областтык башкармалыктарынын кызматкерлеринин (кассирлер жана текшерүү комиссиясынын мүчөлөрү) шектенүүнү жараткан куймалар табылган учурда иш алып баруу тартиби аныкталат».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2017-жылдын 21-апрелиндеги № 16/3**

## Улуттук банк Башкармасынын 2002-жылдын 25-январындагы №6/7 «Казыналык системасынын Кыргыз Республикасынын банк мекемелери менен эсептешүүлөрүн уюштуруу жөнүндө» жобо тууралуу» токтомун күчүн жоготкон катары таануу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине таануу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2002-жылдын 25-январындагы №6/7 «Казыналык системасынын Кыргыз Республикасынын банк мекемелери менен эсептешүүлөрүн уюштуруу жөнүндө» жобо тууралуу» токтому күчүн жоготкон катары таанылсын.

2. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Төлөм системалары башкармалыгы бул токтом менен Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн жана Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигин тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Л.Орозбаевага ыйгарылсын.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2017-жылдын 26-апрелиндеги № 17/2**

## Улуттук банк Башкарамасынын 2016-жылдын 5-февралындагы № 5/3 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын коммерциялык банктар менен своп-операцияларын (эсептелинген) жүргүзүү тартиби жөнүндө» убактылуу жобонун долбоорун бекитүү тууралуу” токтомун күчүн жоготкон катары таануу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 43-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкарамасынын 2016-жылдын 5-февралындагы № 5/3 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын коммерциялык банктар менен своп-операцияларын (эсептелинген) жүргүзүү тартиби жөнүндө» убактылуу жобонун долбоорун бекитүү тууралуу токтому” күчүн жоготкон катары таанылсын.

2. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы ушул токтом менен республиканын коммерциялык банктарын, Улуттук банктын

тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары Н. Жеңиш мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2017-жылдын 26-апрелиндеги № 17/3**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор (кошо тиркелет) бекитилсин:

- 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/10 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздары менен репо- операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;
- 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/11 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын улуттук валютадагы депозиттик операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;
- 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/13 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын валюталык своп-операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;
- 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/14 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан экинчилик рыногунда аутрайт шарттарында (редисконттук операция) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарын сатып алуу боюнча операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;

− 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/15 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курстарын аныктоо эрежелерин бекитүү жөнүндө»;

− 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/16 «Банктар аралык валюта рыногунда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу тооруктарды жүргүзүү эрежелерин бекитүү жөнүндө»;

− 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/17 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарын экинчилик рынокто Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу сатуу эрежелерин бекитүү жөнүндө»;

− 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/7 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «овернайт» кредити жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;

− 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/8 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бир күндүк кредити жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;

− 2013-жылдын 26-июнундагы № 20/1 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;

− 2013-жылдын 27-ноябрындагы № 45/13 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;

− 2014-жылдын 29-январындагы № 2/5 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жети күндүк кредити жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;

− 2015-жылдын 19-августундагы № 45/1 «Кыргыз Республикасы тарабынан Евразия экономикалык бирлигинин алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредит берүүсү жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;

− 2016-жылдын 27-апрелиндеги № 19/13 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн номиналы чет өлкө валютасында көрсөтүлгөн мамлекеттик казына облигацияларын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;

− 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/6 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу.

2. Токтом 2017-жылдын 22-июнунан тартып күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусун, Социалдык фондко караштуу Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондусун, Кыргыз Республикасында Депозиттерди коргоо агенттигин, «Борбордук депозитарий» ЖАКты, Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары Н. Жениш мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2017-жылдын 26-апрелиндеги**
**№ 17/3 токтомуна тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор

1. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/10 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздары менен репо-операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздары менен репо-операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобонун жана анын 1-тиркемесинин бүтүндөй тексти боючна ар башка жөндөмөдө кездешкен «Кыргыз Республикасынын «Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө» мыйзамы» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдөгү «Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамы» дегенге алмаштырылсын;

− 2 пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«2. Улуттук банк репо-операцияларын Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамына ылайык жүзөгө ашырат.»;

− 16-пунктун алтынчы абзацында «(консервациялоо, санациялоо, реабилитациялоо, өз эрки менен жана мажбурлап жоюу, түзүмүн өзгөртүү жана кайра өзгөртүп түзүү)» деген сөздөр «(Убактылуу администрация, банкты жоюу)» дегенге алмаштырылсын;

− 1-тиркеменин 9.5. пунктунун:

үчүнчү абзацындагы «дайындалган убактылуу жетекчилик» деген сөздөр «дайындалган Убактылуу администрация» дегенге алмаштырылсын;

− бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- Катышуучунун сот тарабынан банкрот деп таанылышы;».

2. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/11 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын улуттук валютадагы депозиттик операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын улуттук валютадагы депозиттик операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобонун жана анын 1-тиркемесинин бүтүндөй тексти боюнча ар башка жөндөмөдө кездешкен «Кыргыз Республикасынын «Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө» мыйзамы деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдөгү «Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамы» дегенге алмаштырылсын;

− 2 пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«2. Улуттук банк улуттук валютадагы депозиттик операцияларды (мындан ары – депозиттик операция) Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине ылайык жүзөгө ашырат.»;

− 14-пункттун бешинчи абзацында «(консервациялоо, санациялоо, реабилитациялоо, өз эрки менен жана мажбурлап жоюу, түзүмүн өзгөртүү жана кайра өзгөртүп түзүү)» деген сөздөр «(Убактылуу администрация, банкты жоюу)» дегенге алмаштырылсын;

− 1-тиркеменин 8.5. пунктунун:

үчүнчү абзацындагы «дайындалган убактылуу жетекчилик» деген сөздөр «дайындалган Убактылуу администрация» дегенге алмаштырылсын;

− бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- Катышуучунун сот тарабынан банкрот деп таанылышы;».

3. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/13 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын валюталык своп-операцияларын жүргүзүү тартибин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын валюталык своп-операцияларын жүргүзүү тартибин бекитүү жөнүндө» жобонун жана анын 1-тиркемесинин бөтүндөй тексти боюнча ар башка жөндөмөдө кездешкен «Кыргыз Республикасынын «Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө» мыйзамы деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдөгү «Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамы» дегенге алмаштырылсын;

− 2 пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«2. Улуттук банк валюталык своп-операцияларын Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамына ылайык жүзөгө ашырат.»;

− 16-пункттун жетинчи абзацындагы «(консервациялоо, санациялоо, реабилитациялоо, өз эрки менен жана мажбурлап жоюу, түзүмүн өзгөртүү жана кайра өзгөртүп түзүү)» деген сөздөр «(Убактылуу администрация, банкты жоюу)» дегенге алмаштырылсын;

− 1-тиркеменин 8.5. пунктунун:

үчүнчү абзацындагы «дайындалган убактылуу жетекчилик» деген сөздөр «дайындалган Убактылуу администрация» дегенге алмаштырылсын;

− бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- Катышуучунун сот тарабынан банкрот деп таанылышы;».

4. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/14 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын экинчилик рыногунда аутрайт шарттарында (редисконттук операция) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарын сатып алуу боюнча операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын экинчилик рыногунда аутрайт шарттарында (редисконттук операция) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарын сатып алуу операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобонун жана анын 1-тиркемесинин бүтүндөй тексти боюнча ар башка жөндөмөдө кездешкен «Кыргыз Республикасынын «Банктарды консервациялоо, жоюу жана

банкроттоо жөнүндө» мыйзамы деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдөгү «Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамы» дегенге алмаштырылсын;

− 2- пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«2. Улуттук банк редисконттук операцияларды Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамына ылайык жүзөгө ашырат.»;

− 11-пункттун биринчи абзацындагы «(консервациялоо, санациялоо, реабилитациялоо, өз эрки менен жана мажбурлап жоюу, түзүмүн өзгөртүү жана кайра өзгөртүп түзүү)» деген сөздөр «(Убактылуу администрация, банкты жоюу)» дегенге алмаштырылсын;

− 1-тиркеменин 8.5. пунктунун:

үчүнчү абзацында «дайындалган убактылуу жетекчилик» деген сөздөр «дайындалган Убактылуу администрация» дегенге алмаштырылсын;

− бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- Катышуучунун сот тарабынан банкрот деп таанылышы;».

5. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/15 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курстарын аныктоо эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курстарын аныктоо эрежелеринин:

− 2- пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«2. Улуттук банк чет өлкө валюталарынын сомго карата расмий курсун Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамына ылайык аныктайт.»

6. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/16 «Банктар аралык валюта рыногунда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Автоматташтырылган тоорук

системасы аркылуу тооруктарды жүргүзүү эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Банктар аралык валюта рыногунда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу тооруктарды жүргүзүү эрежелеринин жана анын, тышкы токтому менен бекитилген:

− 1-тиркемесинин бүтүндөй тексти боюнча ар башка жөндөмөдө кездешкен «Кыргыз Республикасынын «Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө» мыйзамы» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдөгү «Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамы» дегенге алмаштырылсын;

− 14 пункттун тогузунчу абзацындагы «(консервациялоо, санациялоо, реабилитациялоо, өз эрки менен жана мажбурлап жоюу, түзүмүн өзгөртүү жана кайра өзгөртүп түзүү)» деген сөздөр «(Убактылуу администрация, банкты жоюу)» дегенге алмаштырылсын;

− 1-тиркеменин 10.5. пунктунун:

үчүнчү абзацындагы «дайындалган убактылуу жетекчилик» деген сөздөр «дайындалган Убактылуу администрация» дегенге алмаштырылсын;

− бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- Катышуучунун сот тарабынан банкрот деп таанылышы;».

7. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/17 «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик баалуу кагаздарын экинчилик рынокто Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу сатуу эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик баалуу кагаздарын экинчилик рынокто Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу сатуу эрежелеринин жана анын 1-тиркемесинин бүтүндөй тексти боюнча ар башка жөндөмөдө кездешкен «Кыргыз Республикасынын «Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө» мыйзамы» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдөгү «Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын

Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамы» дегенге алмаштырылсын;

− 15-пункттун сегизинчи абзацындагы «(консервациялоо, санациялоо, реабилитациялоо, өз эрки менен жана мажбурлап жоюу, түзүмүн өзгөртүү жана кайра өзгөртүп түзүү)» деген сөздөр «(Убактылуу администрация, банкты жоюу)» дегенге алмаштырылсын.

8. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/7 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «овернайт» кредити жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «овернайт» кредити жөнүндө» жобонун:

− 2-пунктундагы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 5- жана 28-статьяларына» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамынын 18 жана 53-беренелерине» дегенге алмаштырылсын;

− 15-пункттун үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- Убактылуу администрация режиминде болбоо. Убактылуу администрация режиминде турган банкка Улуттук банк Башкармасынын тиешелүү чечими болгон шартта гана «овернайт» кредити берилиши мүмкүн;

− 1-тиркеменин баш сөзүндөгү «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын (жана__________№______ буйругунун)» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «____-жылдын ___________ №____ буйругунун» дегенге алмаштырылсын;

9.3-пункттун бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- Банктын сот тарабынан банкрот деп таанылышы;».

«Тараптардын юридикалык даректери жана реквизиттери» деп аталган 10-бөлүктөгү «720040 Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары Т. Үмөталиев атындагы көчө 101” деген сөздөр «720001, Бишкек шаары, Чүй проспектиси 168» дегенге алмаштырылсын.

9. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/8 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бир күндүк кредити жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бир күндүк кредити жөнүндө» жобонун:

− 2-пунктундагы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын 5 жана 28-статьяларына» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамдын 18 жана 53-беренелерине» дегенге алмаштырылсын;

− 17-пункттун үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- Убактылуу администрация режиминде болбоо. Убактылуу администрация режиминде турган банкка Улуттук банк Башкармасынын тиешелүү чечими болгон шартта гана бир күндүк кредит берилиши мүмкүн;»

− 1-тиркеменин баш сөзүндөгү «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын (жана__________№______ буйругунун)» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «_____-жылдын ___________ №_____ буйругунун» дегенге алмаштырылсын;

8.4-пункттун бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- Банктын сот тарабынан банкрот деп таанылышы;».

10. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 26-июнундагы №20/1 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобонун:

− 1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«1. Бул Жободо Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги (мындан ары - Финансы министрлиги, эмитент) тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагында чыгарылган мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча операциялардын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары -Улуттук банк) тарабынан ишке ашырылышы тартиби аныкталат.»;

− 30-пункттагы «(убактылуу жетекчилик, консервация)» деген сөздөр «(Убактылуу администрация)» дегенге алмаштырылсын;

− 1-тиркеменин баш сөзүндөгү «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын жана__________№______ буйруктун негизинде иш алып барган Төраганын орун басары» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «_____ жылдын ___________ №_____,_________________________________» буйругунун негизинде иш алып барган» дегенге алмаштырылсын;

«Тараптардын реквизиттери» деп аталган бөлүктөгү:

«Бишкек шаары, Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101» деген сөздөр «720001, Бишкек шаары, Чүй проспектиси 168» дегенге алмаштырылсын;

«Төраганын орун басары» деген сөздөр алынып салынсын;

− 1-1-тиркеменин баш сөзүндөгү «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамдын жана 20__-жылдын «___»________ №___ буйруктун негизинде иш алып барган Улуттук банктын Төрагасынын орун басары» деген сөздөр Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «____-жылдын «____»______________№____, «____________________ ______________________» буйругунун негизинде иш алып барган ______________________________» дегенге алаштырылсын;

− 1-1-тиркеменин 6.2 пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«Кардар, жаңылыш чегерилген суммалар тууралуу Улуттук банктан билдирме алгандан кийинки жумуш күнү ичинде ошолсуммаларды Улуттук банкка кайтарып берүүгө милдеттүү. Жаңылыш чегерилген суммалар кайтарылып берилбесе, Кардар ошол суммадан 0,1% өлчөмүндө ар бир күн үчүн туум төлөйт.»

− 2-тиркеменин баш сөзүндөгү «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын жана__________№______ буйруктун негизинде иш алып барган Төраганын орун басары» деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «_____ жылдын ___________ №_____, «________________________________» буйругунун негизинде иш алып барган» дегенге алмаштырылсын;

«Тараптардын реквизиттери» деп аталган бөлүктөгү:

«Бишкек шаары, Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101» деген сөздөр «720001, Бишкек шаары, Чүй проспектиси 168»дегенге алмаштырылсын.

11. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 27-ноябрындагы № 45/13 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө» жобонун бүтүндөй текст боюнча кездешкен ар башка жөндөмөлөрдөгү «банктык эмес финансы-кредит мекемеси» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «банктык эмес финансы-кредит уюму» дегенге алмаштырылсын;

− Жобонун жана анын тиркемелеринин бүтүндөй тексти боюнча кездешкен «БФКМ» деген сөздөр «БФКУ» дегенге алмаштырылсын;

− 2-пункттагы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын 5, 20 жана 28-беренелерине» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамдын 18, 25 жана 53-беренелерине» дегенге алмаштырылсын;

− 4-пункттагы «1 айдан 6 айга чейинки» деген сөздөр «Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталган» дегенге алмаштырылсын;

− 18-пункттагы «- 6 ай» деген сөздөр «Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталат» дегенге алмаштырылсын;

− 22-пункттагы «- 3 ай» деген сөздөр «Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталат» дегенге алмаштырылсын;

− 24-пункттагы «өз инсайдерлери» деген сөздөр «Банкка байланыштуу» дегенге алмаштырылсын;

− 29-пункттун тогузунчу абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- Убактылуу администрация, өз эрки менен жана мажбурлап жоюу режимине кабылбоого. Убактылуу администрация режиминде турган Банк, Улуттук банк Башкармасынын тиешелүү чечими болгон шартта гана мамлекеттик баалуу кагаздарды жана/же Улуттук банктагы пайызсыз депозит эсебинде турган акча каражаттарына талап коюу укугу түрүндөгү нак эмес чет өлкө валютасынын күрөөсү алдында ликвиддүүлүктү колдоо үчүн өткөрүлгөн аукциондорго гана катыша алат»;

− 36-пункттагы «Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101» деген сөздөр «Чүй проспектиси 168» дегенге алмаштырылсын;

− 61-пункттагы «кийинки жумуш күнү» деген сөздөр «кийинки жумуш күнүнөн кечиктирилбестен» дегенге алмаштырылсын;

− 75-пункттагы «6 айдан ашпаган мөөнөткө» деген сөздөр алынып салынсын;

− 76-пункттагы «6 айлык мөөнөткө» деген сөздөр алынып салынсын;

− 79-пункттун экинчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Банк тарабынан кредитти пайдалангандыгы үчүн кошуп эсептелген пайыздарды төлөө кредиттик келишимге ылайык ай сайын жүзөгө ашырылып турат.»;

Жобонун 1-тиркемесиндеги:

− Кредиттик аукцион жөнүндө башкы келишимдин баш сөзүндө «Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын жана 20 __-жылдын «__» _____________ № _______________ буйруктун» деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «____ жылдын ___________ №____ буйругунун» дегенге алмаштырылсын;

− 2.6-пункттагы «өз инсайдерлери» деген сөздөр «Банкка байланыштуу” дегенге алмаштырылсын;

− 2.17-пункттагы «кийинки жумуш күнү» деген сөздөр «кийинки жумуш күнүнөн кечиктирилбестен» дегенге алмаштырылсын;

− 4.1-пунктун экинчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Банк тарабынан кредитти пайдалангандыгы үчүн кошуп эсептелген пайыздарды төлөө кредиттик келишимге ылайык ай сайын жүзөгө ашырылып турат.»;

− 6.1-пункттагы «6 айдан ашпаган мөөнөткө» деген сөздөр алынып салынсын;

− 6.2-пункттагы «6 айлык мөөнөткө» деген сөздөр алынып салынсын;

− «Тараптардын юридикалык даректери жана реквизиттери» деп аталган 11- бөлүктөгү «Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101» деген сөздөр «Чүй проспектиси 168» дегенге алмаштырылсын.

− Кредиттик аукцион жөнүндө Башкы келишимдин 4-тиркемесиндеги:

Кредиттик келишимдин баш сөзүндө «Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын жана 20 __-жылдын «__» ______________ № _______________ буйруктун» деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «____ жылдын __________ №____ буйругунун» дегенге алмаштырылсын;

2.5-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«2.5. Кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздык чен Кредиттик келишимдин 2.1-пунктунда көрсөтүлгөн бүтүндөй мөөнөткө жылдык __________________ (жазуу жүзүндө) өлчөмүндө белгиленет. Кредитти пайдалангандыгы үчүн чегерилген пайыздарды төлөө, Банк тарабынан ушул Кредиттик келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган карызды төлөө графигине ылайык (ушул Кредиттик келишимге карата 1-тиркеме) ай сайын ишке ашырылып турат.»

2.6-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«2.6. Пайыздар кредит берилген күндөн тартып (ошол күндү кошпогондо) кредит төлөнгөн күнгө чейин (ошол күндү кошо алуу менен) кредит боюнча карыздын айкын калдыгына, жыл ичиндеги 365 күн эсебинде жана ай ичиндеги күндөрдүн санына жараша чегерилет.»

3.1-пунктунда «өз инсайдерлери» деген сөздөр «Банкка байланыштуу» дегенге алмаштырылсын;

Кредиттик келишимдин «Тараптардын юридикалык даректери, реквизиттери жана кол тамгалары» деген 6-бөлүгүндөгү «Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101» деген сөздөр «Чүй проспектиси 168» дегенге алмаштырылсын;

Кредиттик келишимге карата «Кредиттик аукциондордун алкагында Улуттук банктын каражат эсебинен берилген кредит портфелинин абалы жөнүндө отчет» деп аталган 3-тиркеме төмөнкү редакцияда берилсин:

**«20___-жылдын «___»______№___**
**Кредиттик келишимге карата**
**3-тиркеме**

*Ай сайын кийинки айдын бешине чейин*

**Форма 2. Кредиттик аукциондордун алкагында Улуттук банктын каражат эсебинен берилген кредит портфелинин абалы жөнүндө отчет**

күнү
Банк
сом/пайыз түрүндө

| Аукциондун коду | Тармактар боюнча берилген кредиттердин жалпы көлөмү | | | | | | | | | | | | | | Бир мезгилдин башталышына карата орду жабылбаган кредиттердин калдыгы | Бир мезгилдин акырына карата орду жабылбаган кредиттердин калдыгы | Карыз алуучулардын төлөө көлөмү | Банк тарабынан жаңы берилген кредиттин көлөмү | Банктын Улуттук банкалдындагы карызын көлөмү | Улуттук банкка кайтарылган суммалар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | өнөр жайы | | айыл-чарбасы | | транспорт, байланыш жана кызмат көрсөтүү | | соода жана коммерция | | курулуш | | туризм | | БФКУну кредиттөө | | | | | | | |
| | суммасы | орточо салмактанып алынган чен | суммасы | орточо салмактанып алынган чен | суммасы | | | орточо салмактанып алынган чен | суммасы | орточо салмактанып алынган чен | суммасы | орточо салмактанып алынган чен | суммасы | орточо салмактанып алынган чен | | | | | | |
| 1 | 2 | | | | | | | | | | | | | | 3 | 4 | 5 (3-4+6) | 6 | 7 | 8 (7-3-6) |
| АК1 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| АК2 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| … | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| АКn | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| Ж | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

Банк жетекчисинин аты-жөнү
кол тамгасы
мөөрү»

»;

− Кредиттик аукцион жөнүндө башкы келишимдин 5-тиркемесиндеги:

Күрөө келишиминин баш сөзүндөгү «Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын жана 20 __-жылдын «__» ______________ № _______________ буйруктун» деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «____ жылдын __________ №____ буйругунун» дегенге алмаштырылсын;

Күрөө келишиминин «Тараптардын юридикалык даректери, реквизиттери жана кол тамгалары» деген 7-бөлүгүндөгү «Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101» деген сөздөр «Чүй проспектиси 168» деген алмаштырылсын;

− Кредиттик аукцион жөнүндө башкы келишимдин 6-тиркемесиндеги:

Күрөө келишиминин баш сөзүндөгү «Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын жана 20 __-жылдын «__» ______________ № _______________ буйруктун» деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «____ жылдын __________ №____ буйругунун» дегенге алмаштырылсын;

Күрөө келишиминин «Тараптардын юридикалык даректери, реквизиттери жана кол тамгалары» деген 7-бөлүгүндөгү «Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101» деген сөздөр «Чүй проспектиси 168» дегенге алмаштырылсын;

− Кредиттик аукцион жөнүндө башкы келишимдин 7-тиркемесиндеги:

Күрөө келишиминин баш сөзүндөгү «Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын жана 20 __-жылдын «__» ______________ № _______________ буйруктун» деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «____ жылдын __________ №____ буйругунун» дегенге алмаштырылсын;

2.2-пункттун 1-пунктчасындагы «инсайдер болуп» деген сөздөр «Күрөө коюучуга байланышкан» дегенге алмаштырылсын;

Күрөө келишиминин «Тараптардын юридикалык даректери, реквизиттери жана кол тамгалары» деген 8-бөлүгүндөгү «Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101» деген сөздөр «Чүй проспектиси 168» дегенге алмаштырылсын.

12. Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 29-январындагы № 2/5 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жети күндүк кредити жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жети күндүк кредити жөнүндө» жобонун:

− 2-пунктундагы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамынын 18 жана 53-беренелерине» дегенге алмаштырылсын;

− 12-пункттун үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- Убактылуу администрация режиминде болбоо. Убактылуу администрация режиминде турган банкка Улуттук банк Башкармасынын тиешелүү чечими болгон шартта гана жети күндүк кредит берилиши мүмкүн;”;

1-тиркеменин баш сөзүндөгү «Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын жана 20«__» _________ № буйруктун» деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «____ жылдын __________ №____ буйругунун» дегенге алмаштырылсын;

8.4-пункттун бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- Банктын сот тарабынан банкрот деп таанылышы;».

«Тараптардын юридикалык даректери жана реквизиттери» деа аталган 9-бөлүктөгү «720040, Бишкек шаары, Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101» деген сөздөр «720001, Бишкек шаары, Чүй проспектиси 168» дегенге алмаштырылсын.

13. Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 19-августундагы № 45/1 «Кыргыз Республикасы тарабынан Евразия экономикалык

бирлигинин алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредит берүүсү жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

«Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредит берүүсү жөнүндө» жобонун:

− 2-пунктундагы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 5 жана 33-беренелерине» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамынын 18 жана 44 беренелерине» дегенге алмаштырылсын;

− 8-пункттагы «андан ары пролонгациялоо мүмкүнчүлүгү менен 6 айга» деген сөздөр «Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталган мөөнөткө» дегенге алмаштырылсын;

− 33-пункттагы «6 (алты) айдан ашпаган мөөнөткө» деген сөздөр алынып салынсын;

− 34-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«34. Пролонгациялоо шарттары, анын ичинде пролонгациялоо саны Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталат.»;

жобонун 1 тиркемесиндеги:

− Кыргыз Республикасы тарабынан Евразия экономикалык бирлигинин алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга кредит берүү жөнүндө башкы келишимдин баш сөзүтөмөнкү редакцияда берилсин:

«Мындан ары «Улуттук банк» деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атынан, Улуттук банктын 20___-жылдын «__»______ буйругунун негизинде иш алып барган ______________________ бир тараптан жана мындан ары «Уюм» деп аталуучу ____________________________атынан, уставдын негизинде иш алып барган ________________________________ экинчи тараптан, биргелешип «Тараптар» деп аталуучулар, Улуттук банк Башкармасынын 20___-жылдын «__»______ №____ токтому менен бекитилген «го таянып, төмөнкүлөр боюнча ушул Башкы келишимди (мындан ары – Башкы келишим) түзүштү:»;

− 6.1-пункттагы «6 (алты) айдан ашпаган мөөнөткө» деген сөздөр алынып салынсын;

− 6.2-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«6.2. Пролонгациялоо шарттары, анын ичинде пролонгациялоо саны Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталат.»;

Евразия экономикалык бирлигинин алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга кредит берүү жөнүндө башкы келишимдин 1 тиркемесиндеги:

− Кредиттик келишимдин баш сөзүндөгү «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын жана 20____-жылдын «__»______ №_____буйруктун негизинде» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 20____-жылдын «__»______ №_____ буйругунун негизинде» дегенге алмаштырылсын;

Евразия экономикалык бирлигинин алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга кредит берүү жөнүндө башкы келишимдин 2 тиркемесиндеги:

− Күрөө келишиминин баш сөзүндөгү «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын жана 20____-жылдын «__»______ №_____буйруктун негизинде» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 20____-жылдын «__»______ №_____буйругунун негизинде» дегенге алмаштырылсын;

14. Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 27-апрелиндеги № 19/13 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн номиналы чет өлкө валютасында көрсөтүлгөн мамлекеттик казына облигацияларын Кыргыз Республикасынын Улуттук банк аркылуу жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн номиналы чет өлкө валютасында көрсөтүлгөн мамлекеттик казына облигацияларын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобонун:

− 1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«1. Бул Жободо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чет өлкө валютасында номинацияланган мамлекеттик казына облигацияларын (мындан ары – МКО(в)) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары –Улуттук банк) аркылуу жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана алар менен эсептешүү операцияларын жүзөгө ашыруу тартиби аныкталат»;

− 2-пункттагы «жана Эмитенттин позициясын эске алат (Финансы министрлигинин 2016-жылдын 15-мартындагы № 10-1-2/3009 каты)» деген сөздөр алынып салынсын;

− 21-пункттун бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамында каралган процесстер жана жол-жоболор (Убактылуу администрация, банкты жоюу) ага карата колдонулбашы;

− 25 жана 52-пункттардагы «Документ менен иш алып баруу башкармалыгынын Иш кагаздарын жүргүзүү жана контролдоо бөлүмүнүн» деген сөздөр «Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иш алып баруу бөлүмүнүн» дегенге алмаштырылсын;

− 1-тиркеменин баш сөзүндөгү «20___-жылдын «____»________ №____ буйруктун негизинде иш алып барган Төраганын орун басары» деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «____ жылдын __________ №____, «______________________________» буйругунун негизинде иш алып барган» дегенге алмаштырылсын;

«Банкка коюлуучу талаптар» деп аталган 2-бөлүктүн 2.1-пунктунун бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамында каралган процесстер жана жол-жоболор (Убактылуу администрация, банкты жоюу) ага карата колдонулбашы;

«Тараптардын реквизиттери» деп аталган бөлүктөгү «720040, Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101» деген сөздөр «720001, Бишкек шаары, Чүй проспектиси 168» дегенге алмаштырылсын;

− 5-тиркеменин баш сөзүндөгү «20___-жылдын «____»________ №____ буйруктун негизинде иш алып барган Төраганын орун басары» деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «____ жылдын __________ №____, «______________________________» буйругунун негизинде иш алып барган» дегенге алмаштырылсын;

«Тараптардын реквизиттери» деп аталган бөлүктөгү «720040, Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101» деген сөздөр «720001, Бишкек шаары, Чүй проспектиси 168» дегенге алмаштырылсын;;

15. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/6 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бектитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө» жобонун бүтүндөй текст боюнча кездешкен ар башка жөндөмөлөрдөгү «финансы-кредит мекемелери» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «коммерциялык банктар» дегенге алмаштырылсын;

− 2 пунктундагы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 5, 20, 21-беренелерине ылайык» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамынын 18, 25, 26-беренелерине ылайык» дегенге алмаштырылсын;

− төмөнкү мазмундагы 1, 2-тиркемелер менен толукталсын:

**«Улуттук Банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы №10/6 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталарынын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө» жобого карата 1-тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталар рыногунда ______________________ коммерциялык банкынын иши жөнүндө №_______келишим

Бишкек ш. 20___-ж. «____» _________

Мындан ары «Улуттук банк» деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атынан, Улуттук банктын 20__-жылдын «__» _______________ №_____«________» буйругунун негизинде иш алып барган ______________________ бир тараптан жана _____________________________ мындан ары «Коммерциялык банк» же «Банк» деп аталуучу, Уставдын негизинде иш алып барган _____________________________ экинчи тараптан, биргелешип «Тараптар» деп аталуучулар «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө» жобого (мындан ары – Жобо) таянуу менен төмөнкүлөр боюнча ушул келишимди түзүштү:

### 1. Келишим Предмети

1.1. Банктын Улуттук банктын ноталар рыногунда ишин ушул Жобого ылайык жөнгө салуу, келишим предметинен болуп саналат.

### 2. Банктардын укуктары

Банктар төмөнкүлөргө укуктуу:

2.1. Улуттук банктын ноталарын өз атынан жана кардарлардын тапшыруусу боюнча АТС аркылуу жайгаштыруу жана кошумча жайгаштыруу боюнча (аукциондон тышкары жайгаштыруу) аукциондорго түздөн-түз катышууга.

2.2. Улуттук банктын ноталарынын экинчилик рыногунда өз атынан жана кардарларынын тапшыруусу боюнча операцияларды жүргүзүүгө.

2.3. Өз атынан жана кардарларынын тапшыруусу боюнча сатылып алынган ноталар боюнча депозитардык ишти жүргүзүүгө.

2.4. Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу жана кошумча жайгаштыруу (аукциондон тышкары жайгаштыруу) боюнча алдыда турган аукциондордун параметрлери жана өткөрүлгөн аукциондордун жыйынтыгы боюнча маалыматтарды алууга.

## 3. Банктардын милдеттери

Банктар төмөнкүлөргө милдеттүү:

3.1. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Улуттук банктын ноталары менен операцияларды ишке ашырууга;

3.2. Аукциондо утушка ээ болгон билдирмелердин эмиссия күнү аларга төлөө жана ноталарды кошумча жайгаштыруу (аукциондон тышкары жайгаштыруу), ошондой эле ноталардын экинчилик рыногунда операцияларды ишке ашыруу үчүн корреспонденттик эсепте жетиштүү көлөмдөгү акча каражаттарынын болушун камсыз кылууга.

3.3. Билдирмелер үчүн бөлүп төлөөгө жол берилбейт. Эгерде, Банк Улуттук банктагы корреспонденттик эсепте сатылып алынган ноталарга толук көлөмүндө төлөө үчүн Кыргыз Республикасынын улуттук валютасындагы жетиштүү көлөмдөгү акча каражатына ээ эмес болсо, анда бул билдирме жокко чыгарылат. Бул учурда Банк төлөнбөгөн ноталардын жалпы наркынан бир пайыз өлчөмүндө, бирок Банктын төлөнгөн уставдык капиталынын бир пайызынан ашпаган чекте айыптык төлөмдү (неустойка) номиналдык наркы боюнча Улуттук банкка төлөп берүүгө тийиш. Айыптык төлөмдү төлөгөнгө

чейин мындай Банкка кийинки Улуттук банктын аукциондоруна катышуусуна уруксат берилбейт.

3.4. Өз атынан жана кардарларынын тапшыруусу боюнча сатылып алынган ноталардын депозитардык эсебин жүргүзүүгө;

3.5. Улуттук банктын ноталар рыногундагы операциялар боюнча отчетторду Улуттук банк тарабынан белгиленген формаларда өз учурунда берип туруугa;

3.6. Келишимге кол койгондон кийинки эки жумуш күнү ичинде Улуттук банктын ноталар аукциондоруна берилүүчү билдирмелерге жана экинчилик рыногунда ноталар менен операциялар боюнча тапшырууларга кол коюуга ыйгарым укуктуу кызмат адамдарынын кол тамга үлгүлөрү менен тиешелүү тизмени жана ишеним катты Улуттук банкка берүүгө. Эгерде ушул пунктта көрсөтүлгөн ыйгарым укук башка адамга өткөн болсо, эки жумуш күнү ичинде жаңы тизмени жана ишеним катты Улуттук банкка берүүгө.

## 4. Улуттук банктын укуктары

Улуттук банк төмөнкүлөргө укуктуу:

4.1. Банктардын Улуттук банктын ноталар рыногундагы ишине көзөмөлдүктү жүзөгө ашырууга, анын ичинде жеринде барып текшерүүлөрдү жүргүзүүгө.

4.2. Улуттук банктын ноталарынын башкы депозитарийи катары иш алып барууга.

4.3. Улуттук банктын ноталар аукционуна берилген жана/же кошумча (аукциондон тышкары жайгашытырууга) жайгаштырууга берилген, канааттандырылган (толук же жарым-жартылай көлөмдө) билдирмелердин негизинде Банктардын корреспонденттик эсептеринен каражаттарды акцептсиз тартипте алып салууга.

4.4. Банк катары иш алып барууга байланыштуу отчетторду, ошондой эле башка зарыл маалыматтарды белгиленген формада Улуттук банкка өз учурунда берилишин талап кылууга.

4.5. Банктарга карата Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында белгиленген чараларды колдонууга.

## 5. Улуттук банктын милдеттери

Улуттук банк төмөнкүлөргө милдеттүү:

5.1. Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарын так жана толук эсепке алынышын камсыз кылууга.

5.2. Улуттук банктын ноталар аукциондорунун параметрлерин жана аларды кошумча (аукциондон тышкары жайгаштыруу) жайгаштыруу шарттарын Улуттук банктын сайтында жайгаштырууга.

5.3. Улуттук банктын ноталар аукциондорун өткөрүүдөн жана/же ноталарды кошумча (аукциондон тышкары жайгаштыруу) жайгаштыруудан кийин, аукциондордун жана кошумча жайгаштыруулардын жыйынтыгы боюнча маалыматтарды белгиленген тартипке ылайык Банктарга берүүгө.

5.4. Улуттук банктын ноталарынын орду жабылган күнү, Улуттук банктын Банктардын депо эсептеринде эсепке алынган ноталарынын Улуттук банк тарабынан төлөнгөн эмиссияларынын номиналдык наркын Банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерине чегерүүгө.

5.5. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, маалыматтардын чечмеленип берилиши талап кылынган учурларды эске албаганда, Банктардын ноталар менен операциялары боюнча маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылууга.

## 6. Тараптардын жоопкерчилиги жана талаш маселелерди чечүү тартиби

6.1. Банктардын эсептерине каражаттардын туура эмес эсептен алып салынышы, ошондой эле Улуттук банк тарабынан тиешелүү суммаларды өз учурунда эмес же туура эмес чегергендиги үчүн Улуттук банк Банктардын пайдасына ар бир кечиктирген күн үчүн чегерилбей калган (же ашыкча эсептен алынып салынган) суммадан 0,1% өлчөмүндө туум төлөөгө тийиш.

6.2. Банктар жаңылыш чегерилген сумма тууралуу Улуттук банкка маалымдоого жана ага кайтарып берүүгө милдеттүү. Жаңылыш чегерилген суммалар кайтарылып берилбеген учурда Банктар, ар бир мөөнөтүндө кайтарылып берилбеген ар бир күн үчүн жаңылыш

чегерилген сумманын 0,1% өлчөмүндө туумду Улуттук банкка төлөп берет.

6.3. Тараптар өз милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткара албагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

6.4. Ушул Келишимди аткаруунун жүрүшүндө келип чыккан талаш маселелер, өз ара алгылыктуу чечимге келишүү максатында, сүйлөшүүлөр жолу менен жөнгө салынууга тийиш.

6.5. Чечилбеген маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жөнгө салынат.

## 7. Келишим колдонулган мөөнөт жана аны токтотуу тартиби

7.1. Келишим ага кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет жана бир календардык жыл ичинде колдонулат.

7.2. Эгерде ушул Келишимдин аракеттенүү мөөнөтү бүткөнгө чейинки 30 календардык күндөн кечиктирбестен Тараптардын бири аны токтотуу ниетин кат жүзүндө билдирбесе, келишимдин аракети ар бир кийинки календардык жылга дароо узартылат.

7.3. Келишим Улуттук банктын демилгеси боюнча сыяктуу эле, Банктардын демилгеси да токтотулушу мүмкүн.

7.4. Улуттук банк төмөнкү учурларда алдын ала маалымдоосуз эле, бул Келишимди бир тараптуу негизде токтотууга укуктуу:

Банктар ушул Келишим боюнча милдеттерин аткарбай койсо же талаптагыдай аткарбаса;

Банктарга карата Убактылуу администрлөө же жоюу жол-жобосу башталса;

Банктардын банктык лицензиясы токтотулса же кайтарылып алынса.

## 8. Башка шарттар

8.1. Банктар, Улуттук банктын ноталар аукциондоруна жана/же аларды кошумча (аукциондон тышкары жайгаштыруу) жайгаштырууга катышуусунун жыйынтыгы боюнча Банктардын Улуттук банктагы

корреспонденттик эсептеринен акча каражаттарын акцептсиз тартипте алып салуу укугун Улуттук банкка ыйгарышат.

8.2. Ушул Келишим шарттары Тараптардын өз ара макулдугу боюнча өзгөртүлүшү же толукталышы мүмкүн.

8.3. Аталган Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип же Жобонун жаңы редакциясы кабыл алынган учурда, ушул келишим шарттары аларды Жобонун жаңы нормаларына ылайык келтирүү максатында кайрадан каралып чыгууга тийиш.

8.4. Бул келишимге бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор, алар кат жүзүндө толтурулуп, эки тарап тең койгон шартта гана анык болуп саналат.

8.5. Келишим, Тараптардын ар бири үчүн бирдей юридикалык күчкө ээ эки нускада, кыргыз тилинде эки нускада жана орус тилинде эки түп нускада түзүлгөн. Келишимдин эки нускасы Улуттук банкта сакталат, ал эми башка эки нускасы Банкка берилет.

**Тараптардын юридикалык даректери жана реквизиттери:**

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын<br>Улуттук банкы<br>720001, Бишкек шаары,<br>Чуй проспектиси 168 | Банктын аталышы<br>(Почта индекси, дареги)<br>Улуттук банктагы<br>корреспонденттик эсебинин<br>№ ______________________ |
| ________________________<br>(Кызмат орду) (Аты-жөнү) | ________________________<br>(Кызмат орду) (Аты-жөнү) |
| ____________________<br>(Кол тамгасы) | ____________________<br>(Кол тамгасы) |
| МО | МО». |

**«Улуттук Банк**
**Башкармасынын**
**2013-жылдын 28-мартындагы**
**№10/6 токтому менен**
**бекитилген**
**«Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банкынын**
**ноталарынын чыгаруу,**
**жайгаштыруу, жүгүртүү**
**жана төлөө жөнүндө»**
**жобого карата 2-тиркеме**

## ______________________институционалдык инвестордун Улуттук банктын ноталар рыногундагы иши жөнүндө №_________________________келишим

Бишкек ш. 20___-ж. «____» _________

Мындан ары «Улуттук банк» деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атынан, Улуттук банктын 20___-жылдын «__»____________ №____ «__________________________________» буйругунун негизинде иш алып барган ___________________________ бир тараптан жана ____________________________ мындан ары «Кардар» деп аталуучу, ____________________________ негизинде иш алып барган ______________________________ экинчи тараптан, биргелешип «Тараптар» деп аталуучулар «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө» жобого (мындан ары – Жобо) таянуу менен төмөнкүлөр боюнча ушул келишимди түзүштү:

### 1. Келишим Предмети

1.1. Улуттук банктын ноталар рыногунда Кардардын ишин ушул Жобого ылайык жөнгө салуу келишим предметинен болуп саналат.

### 2. Кардардын укуктары жана милдеттери

Кардар төмөнкүлөргө укуктуу:

2.1. Улуттук банктын ноталарын өз атынан АТС аркылуу жайгаштыруу жана кошумча жайгаштыруу боюнча (аукциондон тышкары жайгаштыруу) аукциондорго түздөн-түз катышууга.

2.2. Улуттук банктын ноталарынын экинчилик рыногунда өз атынан операцияларды жүргүзүүгө.

2.3. Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу жана кошумча жайгаштыруу (аукциондон тышкары жайгаштыруу) боюнча алдыда турган аукциондордун параметрлери жана өткөрүлгөн аукциондордун жыйынтыгы боюнча маалыматтарды алууга.

Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү:

2.4. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Улуттук банктын ноталары менен операцияларды ишке ашырууга;

2.5. Аукциондо утушка ээ болгон билдирмелердин эмиссия күнү аларга төлөө жана ноталарды кошумча жайгаштыруу (аукциондон тышкары жайгаштыруу), ошондой эле ноталардын экинчилик рыногунда операцияларды ишке ашыруу үчүн Улуттук банкта ачылган күндөлүк эсепте жетиштүү көлөмдөгү акча каражаттарынын болушун камсыз кылууга.

2.6. Билдирмелер үчүн бөлүп төлөөгө жол берилбейт. Эгерде, Кардар Улуттук банктагы өз күндөлүк эсебинде сатылып алынган ноталарга толук көлөмүндө төлөө үчүн Кыргыз Республикасынын улуттук валютасындагы жетиштүү көлөмдөгү акча каражатына ээ эмес болсо, анда бул билдирме жокко чыгарылынат. Бул учурда Кардар төлөнбөгөн ноталардын жалпы наркынан бир пайыз өлчөмүндө айыптык төлөмдү (неустойка) номиналдык наркы боюнча Улуттук банкка төлөп берүүгө тийиш. Айыптык төлөмдү төлөгөнгө чейин мындай Кардарга кийинки аукциондорго катышуусуна уруксат берилбейт.

2.7. Улуттук банктын ноталар рыногундагы операциялар боюнча отчетторду Улуттук банк тарабынан белгиленген формаларда өз учурунда берип турууга;

2.8. Келишимге кол койгондон кийинки эки жумуш күнү ичинде Улуттук банктын ноталар аукциондоруна берилүүчү билдирмелерге жана экинчилик рыногунда ноталар менен операциялар боюнча тапшырууларга кол коюуга ыйгарым укуктуу кызмат адамдарынын

кол тамга үлгүлөрү менен тиешелүү тизмени жана ишеним катты Улуттук банкка берүүгө. Эгерде ушул пунктта көрсөтүлгөн ыйгарым укук башка адамга өткөн болсо, эки жумуш күнү ичинде жаңы тизмени жана ишеним катты Улуттук банкка берүүгө.

## 3. Улуттук банктын укуктары жана милдеттери

Улуттук банк төмөнкүлөргө укуктуу:

3.1. Кардардын Улуттук банктын ноталар рыногундагы ишине көзөмөлдүктү жүзөгө ашырууга, анын ичинде жеринде барып текшерүүлөрдү жүргүзүүгө.

3.2. Улуттук банктын ноталарынын башкы депозитарийи катары иш алып барууга.

3.3. Улуттук банктын ноталар аукционуна берилген жана/же кошумча (аукциондон тышкары жайгаштырууга) жайгаштырууга берилген, канааттандырылган (толук же жарым-жартылай көлөмдө) билдирмелердин негизинде Кардардын Улуттук банкта ачылган күндөлүк эсептеринен каражаттарды акцептсиз тартипте алып салууга.

3.4. Кардар катары иш алып барууга байланыштуу отчетторду, ошондой эле башка зарыл маалыматтарды белгиленген формада Улуттук банкка өз учурунда берилишин талап кылууга.

3.5. Кардарга карата Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында белгиленген чараларды колдонууга.

Улуттук банк төмөнкүлөргө милдеттүү:

3.6. Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарын так жана толук эсепке алынышын камсыз кылууга.

3.7. Улуттук банктын ноталар аукциондорунун параметрлерин жана аларды кошумча (аукциондон тышкары жайгаштыруу) жайгаштыруу шарттарын Улуттук банктын сайтында жайгаштырууга.

3.8. Улуттук банктын ноталар аукциондорун өткөрүүдөн жана/же ноталарды кошумча (аукциондон тышкары жайгаштыруу) жайгаштыруудан кийин, аукциондордун жана кошумча жайгаштыруулардын жыйынтыгы боюнча маалыматтарды белгиленген тартипке ылайык Кардарга берүүгө.

3.9. Улуттук банктын ноталарынын орду жабылган күнү, Улуттук банктын Кардардын депо-эсептеринде эсепке алынган ноталарынын Улуттук банк тарабынан төлөнгөн эмиссияларынын номиналдык наркын Кардардын Улуттук банкта ачылган күндөлүк эсептерине чегерүүгө.

3.10. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, маалыматтардын чечмеленип берилиши талап кылынган учурларды эске албаганда, Кардардын ноталар менен операциялары боюнча маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылууга.

## 4. Тараптардын жоопкерчилиги жана талаш маселелерди чечүү тартиби

4.1. Кардардын эсептерине каражаттардын туура эмес эсептен алып салынышы, ошондой эле Улуттук банк тарабынан тиешелүү суммаларды өз учурунда эмес же туура эмес чегергендиги үчүн Улуттук банк Кардардын пайдасына ар бир кечиктирген күн үчүн чегерилбей калган (же ашыкча эсептен алынып салынган) суммадан 0,1% өлчөмүндө туум төлөөгө тийиш.

4.2. Кардар жаңылыш чегерилген сумма тууралуу Улуттук банкка маалымдоого жана ага кайтарып берүүгө милдеттүү. Жаңылыш чегерилген суммалар кайтарылып берилбеген учурда Кардар, ар бир мөөнөтүндө кайтарылып берилбеген ар бир күн үчүн жаңылыш чегерилген сумманын 0,1% өлчөмүндө туумду Улуттук банкка төлөп берет.

4.3. Тараптар өз милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткара албагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

4.4. Ушул Келишимди аткаруунун жүрүшүндө келип чыккан талаш маселелер, өз ара алгылыктуу чечимге келишүү максатында, сүйлөшүүлөр жолу менен жөнгө салынууга тийиш.

4.5. Чечилбеген маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жөнгө салынат.

## 5. Келишим колдонулган мөөнөт жана аны токтотуу тартиби

5.1. Келишим ага кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет жана бир календардык жыл ичинде колдонулат.

5.2. Эгерде ушул Келишимдин аракеттенүү мөөнөтү бүткөнгө чейинки 30 календардык күндөн кечиктирбестен Тараптардын бири аны токтотуу ниетин кат жүзүндө билдирбесе, келишимдин аракети ар бир кийинки календардык жылга дароо узартылат.

5.3. Келишим Улуттук банктын демилгеси боюнча сыяктуу эле, Кардардын демилгеси боюнча да токтотулушу мүмкүн.

## 6. Башка шарттар

6.1. Кардар, Улуттук банктын ноталар аукциондоруна жана/же аларды кошумча (аукциондон тышкары жайгаштыруу) жайгаштырууга катышуусунун жыйынтыгы боюнча Кардардын Улуттук банкта ачылган күндөлүк эсептеринен акча каражаттарын акцептсиз тартипте алып салуу укугун Улуттук банкка ыйгарат.

6.2. Ушул Келишим шарттары Тараптардын өз ара макулдугу боюнча өзгөртүлүшү же толукталышы мүмкүн.

6.3. Аталган Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип же Жобонун жаңы редакциясы кабыл алынган учурда ушул келишим шарттары, аларды Жобонун жаңы нормаларына ылайык келтирүү максатында кайрадан каралып чыгууга тийиш.

6.4. Бул келишимге бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор, алар кат жүзүндө толтурулуп, эки тарап тең койгон шартта гана анык болуп саналат.

6.5. Келишим, Тараптардын ар бири үчүн бирдей юридикалык күчкө ээ эки нускада, кыргыз тилинде эки нускада жана орус тилинде эки түп нускада түзүлгөн. Келишимдин эки нускасы Улуттук банкта сакталат, ал эми башка эки нускасы Кардарга берилет.

**Тараптардын юридикалык даректери жана реквизиттери:**

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын<br>Улуттук банкы<br>720001, Бишкек шаары,<br>Чуй проспектиси 168 | Кардардын аталышы<br>(Почта индекси, дареги)<br>Улуттук банктагы<br>корреспонденттик<br>эсебинин № ___________________ |
| ____________________________<br>(Кызмат орду) (Аты-жөнү) | ____________________________<br>(Кызмат орду) (Аты-жөнү) |
| _______________________<br>(Кол тамгасы) | _______________________<br>(Кол тамгасы) |
| МО | МО». |

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2017-жылдын 26-апрелиндеги № 17/8**

## Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 21-декабрындагы № 55/3 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында коммерциялык банктарды жана финансы-кредит мекемелерин кассалык тейлөө жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 21-декабрындагы № 55/3 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында коммерциялык банктарды жана финансы-кредит мекемелерин кассалык тейлөө жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу токтомуна сунушталган өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Юридика башкармалыгы:

− Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом 2017-жылдын 22-июнунан тартып күчүнө кирет.

4. Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, финансы-кредит мекемелерин, Улуттук банктын областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контродукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Л.Дж. Орозбаевага ыйгарылсын

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2017-жылдын 26-апрелиндеги**
**№ 17/8 токтомуна тиркеме**

## Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 21-декабрындагы № 55/3 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында коммерциялык банктарды жана финансы-кредит мекемелерин кассалык тейлөө жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу токтомуна өзгөртүүлөр

Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 21-декабрындагы № 55/3 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында коммерциялык банктарды жана финансы-кредит мекемелерин кассалык тейлөө жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

Токтомдун аталышында жана 1-пунктунда кездешкен «мекемелерин» деген сөз «уюмдарын» дегенге алмаштырылсын.

Жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында коммерциялык банктарды жана финансы-кредит мекемелерин кассалык тейлөө жөнүндө» нускоонун:

− аталышында жана бүтүндөй тексти боюнча ар кандай жөндөмөдө кездешкен «финансы-кредит мекемелери» деген сөздөр, тиешелүү жөндөмөдөгү «финансы-кредит уюмдары» дегенге алмаштырылсын;

− «Жалпы жоболордун» биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бул нускоодо коммерциялык банктардан жана финансы-кредит уюмдарынан (мындан ары «банктар» деп аталуучулардан) улуттук валютаны кабыл алуу, берүү эрежелери, банкнотторду жана монеталарды таңычактоо жана экспертизадан өткөрүү тартиби аныкталган».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2017-жылдын 26-апрелиндеги № 17/13**

### Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төмөнкү ченемдик укуктук актыларына сунушталган өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) бекитилсин:

− Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/2 «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын адекваттуулугунун (шайкештигинин) стандартын аныктоо боюнча» нускоонун жаңы редакциясын бекитүү жөнүндө» токтому;

− Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 28-декабрындагы № 51/4 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктардын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо боюнча» нускоону бекитүү тууралуу» токтому.

2. Токтом расмий жарыялангандан 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде

чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, «Кыргыз банктар бирлиги» юридикалык жактар бирикмесин, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкын, Улуттук банктын облаunion башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т. Дж. Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 26-апрелиндеги № 17/13 токтомуна тиркеме**

## «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр»

1. Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/2 «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо боюнча» нускоонун жаңы редакциясын бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

аталышындагы «жаңы редакциясын» деген сөздөр алынып салынсын;

1-пунктундагы «нускоонун жаңы редакциясын» деген сөздөр «нускоону» дегенге алмаштырылсын;

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо боюнча» нускоонун:

− 4.3-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«4.3. Баланстык активдер кредиттик тобокелдик деңгээлине, ошондой эле айрым өнөктөштөрдүн/контрагенттин түрүнө жараша төмөнкү категорияларга бөлүнөт:

1) 1-категория (кредиттик тобокелдик деңгээли - 0%):

а) Кыргыз Республикасынын, ОЭСРге жана ЕАЭСке мүчө болуп саналышкан мамлекеттердин жана «Standard & Poor's» рейтингдик агенттиги тарабынан ыйгарылган «А» деңгээлинен төмөн болбогон узак мөөнөттүү кредиттик рейтингине же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings», «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттиктеринин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ мамлекеттердин же банкноттору жана моneталары;

Эскертүү: ОЭСР – Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму. Экономикалык кызматташуу

жана өнүгүү уюмуна мүчө-мамлекеттердин тизмеги www.oecd.org расмий сайтында жайгаштырылган.

б) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына карата талаптар;

в) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө карата талаптар (Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар жана башка талаптар);

г) «Standard & Poor's» рейтингдик агентиги тарабынан ыйгарылган «А» деңгээлинен төмөн болбогон узак мөөнөттүү суверендүү кредиттик рейтингине же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings», «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналышкан мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарына карата талаптар;

д) «Standard & Poor's» рейтингдик агентиги тарабынан ыйгарылган «А» деңгээлинен төмөн болбогон узак мөөнөттүү суверендүү кредиттик рейтингине же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings», «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналышкан мамлекеттердин өкмөттөрүнө карата талаптар (өкмөттөр тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар);

е) Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында туюндурулган жана өзүнчө депозиттик эсепте турган камсыздоосу менен активдер (же алардын бир бөлүгү);

Эскертүү: Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 токтому менен бекитилген «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобого ылайык;

ж) ОЭСРге жана ЕАЭСке мүчө болуп саналышкан мамлекеттердин жана «Standard & Poor's» рейтингдик агентиги тарабынан ыйгарылган «А» деңгээлинен төмөн болбогон узак мөөнөттүү суверендүү кредиттик рейтингине же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings», «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан

ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ мамлекеттердин валютасы түрүндө туюндурулган жана өзүнчө депозиттик эсепте турган камсыздоосу менен активдер (же алардын бир бөлүгү).

2-категория (кредиттик тобокелдик деңгээли - 10%):

а) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан чыгарылган утурумдук рыноктук баа боюнча баалуу кагаздар менен камсыздандырылган активдер (же алардын бир бөлүгү);

б) «Standard & Poor's» рейтингдик агентиги тарабынан ыйгарылган «А» деңгээлинен төмөн болбогон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик рейтингине же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings», «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналышкан мамлекеттердин өкмөттөрү тарабынан чыгарылган утурумдук рыноктук баа боюнча камсыздандырылган активдер (же алардын бир бөлүгү).

3-категория (кредиттик тобокелдик деңгээли - 20%):

а) Кыргыз Республикасынын банктары жана башка финансы-кредит уюмдары менен эсептешүүдө акча активдери;

б) алтын жана стандарттуу куймалардагы сертификатталган баалуу металлдар;

в) «Standard & Poor's» рейтингдик агентиги тарабынан ыйгарылган «А» деңгээлинен төмөн болбогон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик рейтингине же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings», «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналышкан мамлекеттердин банктары жана башка финансы-кредит уюмдары менен эсептешүүдөгү акча активдери;

г) Кыргыз Республикасынын банктарына жана башка финансы-кредит мекемелерине карата талаптар жана аталган институттардын кепилдиктеринде негизденген бардык активдер;

д) «Standard & Poor's» рейтингдик агентиги тарабынан ыйгарылган «А» деңгээлинен төмөн болбогон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик рейтингине же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings», «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors

Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналышкан же болбосо отчет берип жаткан банкка карата аффилирленген жак болуп саналбаган мамлекеттердин банктарына жана башка финансы-кредит уюмдарына карата талаптар жана аталган институттардын кепилдиктеринде негизденген бардык активдер;

4-категория (кредиттик тобокелдик деңгээли - 50%):

а) жеке адамдарга бир үй-бүлөгө турак-жайды сатып алуу же куруу үчүн жана ушундай турак-жай боюнча биринчи күрөө менен камсыздандырылган кредиттер. Бул категорияга ошол үйдө же батирде жашоого ниеттенген, башкача айтканда, бул турак-жайды (же анын бөлүгүн) башка максаттар үчүн (сатуу, ижарага берүү ж.б.) пайдаланылбаган адамдарга берилген ушундай ссудалар гана кирет.

Эгерде бул кредиттердин мөөнөтү 30 күндөн ашык өткөрүлүп жиберилсе, реструктуризацияланган же чегерилбеген статуска өткөн болсо, анда алар кредиттик тобокелдиктин 100% деңгээлиндеги 5-категорияда көрсөтүлөт.

Эскертүү: Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 28-апрелиндеги № 11/2 токтому менен бекитилген Пайыздык кирешелерди чегербөө статусун берүү тартибине ылайык.

б) алтын жана башка сертификатталган өлчөнгөн куймалардагы баалуу металлдар.

5-категория (кредиттик тобокелдик деңгээли - 100%):

а) 1-категорияга кирбеген банкноттор жана монеталар;

б) «Standard & Poor's» рейтингдик агентиги тарабынан ыйгарылган «А» деңгээлинен төмөн болгон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик рейтингине же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings», «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналбаган мамлекеттердин өкмөттөрүнө жана борбордук банктарына карата талаптар (ушул мамлекеттердин өкмөттөрү тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар жана башка талаптар);

в) «Standard & Poor's» рейтингдик агентиги тарабынан ыйгарылган «А» деңгээлинен төмөн болгон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик

рейтингине же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings», «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттиктеринин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналбаган мамлекеттердин банктары жана башка финансы-кредит уюмдар менен эсептешүүдөгү акча активдери;

г) «Standard & Poor's» рейтингдик агенттиги тарабынан ыйгарылган «А» деңгээлинен төмөн болбогон узак мөөнөтүү эгемендүү кредиттик рейтингине ээ мамлекеттердин же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings», «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттиктеринин бири тарабынан ушундай эле деңгээлдеги рейтинг ыйгарылган же ОЭСРге мүчө болуп саналышкан же болбосо отчет берип жаткан банкка карата аффилирленген уюм болуп саналган мамлекеттердин банктарына жана башка финансы-кредит уюмдарына карата талаптар;

д) «Standard & Poor's» рейтингдик агентиги тарабынан ыйгарылган «А» деңгээлинен төмөн болгон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик рейтингине же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings», «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналбаган мамлекеттердин банктарына жана башка финансы-кредит уюмдарына карата талаптар;

е) жеке секторго карата талаптар (3-4-категорияларда белгиленгендерден башка коммерциялык, керектөө, ипотекалык жана башка кредиттер);

ж) негизги каражаттар жана банктын башка менчиги;

з) 3.9-пункттун б пунктчасында каралган эсептен алып салууларды минуска чыгаруу менен инвестициялар жана финансылык катышуу;

и) мурдагы категорияларга кирбеген бардык башка активдер.».

− 8.3-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«8.3. Акциялар боюнча дивиденддер финансылык жылдын жыйынтыгы боюнча чегерилет жана төлөнүп берилет.

Эскертүү: Финансылык жыл 1-январынан тартып 31-декабрды кошо алгандагы аралык саналат.».

− нускоого карата эскертүү күчүн жоготкон катары таанылсын.

1. Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 28-декабрындагы №51/4 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктардын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо боюнча» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктардын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо жөнүндө» нускоонун:

− бүтүндөй тексти боюнча кездешкен «мекемелер» деген сөз тиешелүү жөндөмөдөгү «уюмдар» дегенге сөзгө алмаштырылсын;

− 20-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«20. Ушул нускоонун чегинде капиталдын жетиштүүлүгүнө (шайкештигине) баа берүү кредиттик тобокелдикке карата жүргүзүлөт, башкача айтканда активдердин ар кандай түрлөрүнө тиешелүү жана кардардын активдерди толугу менен же жарым-жартылай кайтарып берүүнү камсыз кылуу мүмкүн эместигинде камтылган тобокелдик.»;

− 22-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«22. Баланстык активдер кредиттик тобокелдик деңгээлине жараша ушул нускоонун 24-пунктуна ылайык беш категорияга бөлүнөт. Мында, баланстык активдер ага ылайык тигил же бул категорияга чегерилген, кредиттик тобокелдиктин негизги критерийлеринен болуп төмөнкүлөр саналат: контрагенттин түрү, трансферттик тобокелдик көз карашынан өнөктөштүн өлкөлүк тиешелүүлүгү, активди камсыздоо, гарантиялар жана активдин колдонуу мөөнөтүнүн узактыгы.”;

− 23-пункту күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 24-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«24. Баланстык активдер кредиттик тобокелдик деңгээлине, ошондой эле айрым өнөктөштөрдүн/контрагенттин түрүнө жараша төмөнкү категорияларга бөлүнөт:

1-категория (кредиттик тобокелдик деңгээли - 0%):

а) Кыргыз Республикасынын, ОЭСРге жана ЕАЭСке мүчө болуп саналышкан мамлекеттердин, ошондой эле «Standard & Poor’s»

рейтингдик агентиги тарабынан ыйгарылган «А» деңгээлинен төмөн болбогон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик рейтингине же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings» «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» и «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ мамлекеттердин же банкноттору жана монеталары;

Эскертүү: ОЭСР – Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму. ОЭСРге мүчө-мамлекеттердин тизмеги www.oecd.org расмий сайтында жайгаштырылган;

б) Улуттук банкка карата талаптар;

в) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө карата талаптар (Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан чыгарылган ислам баалуу кагаздар жана башка талаптар);

г) «Standard & Poor's» рейтингдик агенттиги тарабынан ыйгарылган «А» төмөн болбогон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик рейтинги же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings», «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналышкан мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарына карата талаптар;

д) «Standard & Poor's» рейтингдик агенттиги тарабынан ыйгарылган «А» төмөн болбогон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик рейтинги же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings», «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналышкан мамлекеттердин өкмөттөрүнө карата талаптар (ислам баалуу кагаздар жана башка талаптар);

е) Кыргыз Республикасынын валютасында туюндурулган жана өзүнчө эсепте турган, камсыздоосу бар активдер (же алардын бөлүгү);

Эскертүү: Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 28-декабрындагы № 51/6 токтому менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырууда активдерди классификациялоо жана потенциалдуу

жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камга чегерүүлөр жөнүндө» жобого ылайык.

ж) ОЭСРге жана ЕАЭСке мүчө болуп саналышкан мамлекеттердин, ошондой эле «Standard & Poor's» рейтингдик агентиги тарабынан ыйгарылган «А» деңгээлинен төмөн болбогон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик рейтингине же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings» «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ мамлекеттердин валютасында туюндурулган жана өзүнчө эсепте турган, камсыздоосу бар активдер (же алардын бөлүгү).

2-категория (кредиттик тобокелдик деңгээли - 10%):

а) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан чыгарылган утурумдук рыноктук нарк боюнча ислам баалуу кагаздар менен камсыз кылынган активдер (же алардын бөлүгү);

б) «Standard & Poor's» рейтингдик агенттиги тарабынан ыйгарылган «А» төмөн болбогон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик рейтинги же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings», «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналышкан мамлекеттердин өкмөттөрү тарабынан чыгарылган утурумдук рыноктук нарк боюнча ислам баалуу кагаздар менен камсыз кылынган активдер (же алардын бөлүгү).

3-категория (кредиттик тобокелдик деңгээли - 20%);

а) Кыргыз Республикасынын банктары жана башка финансы-кредит уюмдары менен эсептешүүлөрдөгү акча активдери;

б) Ислам финансылык институттары үчүн Бухгалтердик эсеп жана аудит уюму (мындан ары текст боюнча - AAOIFI) тарабынан бекитилген, Шариат стандарттары тарабынан тыюу салынбаган алтын жана сертификатталган стандарттык куймалардагы башка баалуу металлдар;

в) «Standard & Poor's» рейтингдик агенттиги тарабынан ыйгарылган «А» төмөн болбогон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик рейтинги же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings» «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service»

рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналышкан мамлекеттердин банктары жана башка финансы-кредит уюмдары менен эсептешүүлөрдөгү акча активдери;

г) Кыргыз Республикасынын банктарына жана башка финансы-кредит уюмдарына карата талаптар жана ушул уюмдардын гарантияларына негизделген бардык активдер;

д) «Standard & Poor's» рейтингдик агенттиги тарабынан ыйгарылган «А» төмөн болбогон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик рейтинги же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings», «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналышкан же болбосо отчет берүүчү банкка карата аффилирленген уюм болуп саналбаган мамлекеттердин банктарына жана башка финансы-кредит уюмдарына карата талаптар жана ошол уюмдардын гарантияларына негизделген бардык активдер;

4-категория (кредиттик тобокелдик деңгээли - 50%):

а) жеке адамдарга бир үй-бүлөгө турак жай сатып алуу же куруу үчүн, сунушталган, ошол турак жай боюнча баштапкы күрөө менен гарантияланган каржылоо. Бул категорияга ошол үйдө же батирде жашоого ниеттенген, башкача айтканда бул турак жайды (же анын бөлүгүн) башка максаттар үчүн пайдаланбаган (сатуу, ижарага берүү ж.б.) адамдарга берилген активдер гана кирет.

Эгерде бул кредиттердин мөөнөтү 30 күндөн ашык өткөрүлүп жиберилсе, реструктуризацияланган же чегерилбеген статуска өткөн болсо, анда алар кредиттик тобокелдиктин 100% деңгээлиндеги 5-категорияда көрсөтүлөт.

Эскертүү: Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 28-апрелиндеги № 11/2 токтому менен бекитилген Пайыздык кирешелерди чегербөө статусун берүү тартибине ылайык.

б) Ислам финансылык институттары үчүн Бухгалтердик эсеп жана аудит уюмунун (мындан ары текст боюнча - AAOIFI) Шариат стандарттары тарабынан тыюу салынбаган алтын жана сертификатталган өлчөнгөн куймалардагы башка баалуу металлдар.

5-категория (кредиттик тобокелдик деңгээли - 100%):

а) 1-категорияга кирбеген банкноттор жана монеталар;

б) «Standard & Poor's» рейтингдик агенттиги тарабынан ыйгарылган «А» төмөн болгон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик рейтинги же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings», «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналбаган мамлекеттердин өкмөттөрүнө жана борбордук банктарына карата талаптар (ошол мамлекеттердин өкмөттөрү тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар жана башка талаптар);

в) «Standard & Poor's» рейтингдик агенттиги тарабынан ыйгарылган «А» төмөн болгон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик рейтинги же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings» «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналбаган мамлекеттердин банктары жана башка финансы-кредит уюмдары менен эсептешүүлөрдөгү акча активдери;

г) «Standard & Poor's» рейтингдик агенттиги тарабынан ыйгарылган «А» төмөн болбогон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик рейтинги же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings» «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналышкан же болбосо отчет берүүчү банкка карата аффилирленген уюм болуп саналган мамлекеттердин банктарына жана финансы-кредит уюмдарына карата талаптар;

д) «Standard & Poor's» рейтингдик агенттиги тарабынан ыйгарылган «А» төмөн болбогон узак мөөнөттүү эгемендүү кредиттик рейтинги же «Japan Credit Rating Agency (JCR)», «Fitch Ratings» «Dominion Bond Rating Service (DBRS)» жана «Moody's Investors Service» рейтингдик агенттигинин бири тарабынан ыйгарылган ушундай эле деңгээлдеги рейтингге ээ же ОЭСРге мүчө болуп саналбаган мамлекеттердин банктарына жана финансы-кредит уюмдарына карата талаптар;

е) жеке секторго карата талаптар (ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жайгаштырылган активдер):

− мудараба, мушарака келишимдери боюнча жайгаштырылган активдер. Мында, ушул келишимдер боюнча камсыздоо катары Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында белгиленген мөөнөттөрдө сатып өткөрүүгө тийиш болгон күрөө (кыймылсыз жана кыймылдуу мүлк) колдонулат. Сатып өткөрүү учурунда күрөө наркы каржылоонун негизги суммаларын жана күрөөнү сатып өткөрүүгө байланыштуу мүмкүн болуучу чыгымдарды банкка төлөө үчүн жетиштүү болуусу зарыл.

Күрөө наркы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 3-апрелиндеги № 217 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасында баалоо иш-аракеттеринин бардык субъекттери тарабынан милдеттүү түрдө колдонулуучу мүлктү баалоо стандарттарына ылайык, көз карандысыз баалоочунун корутундусу менен тастыкталууга тийиш. Күрөөлүк мүлккө жыл сайын көз карандысыз баа берүү, ушул категорияга активдерди чегерүү үчүн милдеттүү талап болуп саналат. Камсыздоонун наркы төмөндөп, сапаты начарлаган жагдайлар күрөөнү сатып өткөрүүдө кыйынчылыктарга алып келиши мүмкүн болгон учурда мудараба, мушарака келишимдери боюнча жайгаштырылган активдер 400% тобокелдик деңгээли менен 6-категорияда көрсөтүлөт. Банктын мудараба, мушарака келишимдери боюнча операцияларды жүзөгө ашыруу тажрыйбаларына жараша Улуттук банк, мындай операцияларды жүзөгө ашырууда, анын ичинде күрөөлүк камсыздоого карата кошумча талаптарды жана чектөөлөрдү белгилеши мүмкүн.

− 3, 4 жана 6-категорияларда көрсөтүлгөн активдерди эске албаганда, ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жайгаштырылган башка активдер.

д) банктын негизги каражаттары жана башка менчиги;

е) ушул нускоонун 18-пунктунун “б” пунктчасында каралган алып салууларды минуска чыгаруу менен инвестициялар жана финансылык катышуу;

ж) мурдагы категорияларга кирбеген жана башка активдер.

6-категория (кредиттик тобокелдик деңгээли - 400%):

− 1-5-категорияларда көрсөтүлгөн активдерди эске албаганда, мудараба, мушарака келишимдери боюнча жайгаштырылган активдер».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2017-жылдын 17-майындагы № 19/1**

### Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-мартындагы № 15/6 «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-мартындагы №15/6 «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом, «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобонун, 2017-жылдын 22-июнунда күчүнө кире турган 6-главасын жана 2-тиркемесин күчүн жоготкон катары таанууга тиешелүү жоболорун эске албаганда, расмий жарыялангандан 15 (он беш) күндөн кийин күчүнө кирет.

4. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иш алып баруу бөлүмү ушул токтом менен тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрдү,

областтык башкармалыктарды жана Баткен областындагы өкүлчүлүктү тааныштырсын.

5. Төлөм системалары башкармалыгы ушул токтом менен Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарын, төлөм системасынын операторлорун жана эл аралык электрондук акча системаларын тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Л.Дж. Орозбаевага ыйгарылсын.

**Төраганын милдетин аткаруучу** **Н. Жениш**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2017-жылдын 17-майындагы**
**№ 19/1 токтомуна тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-мартындагы № 15/6 «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-мартындагы №15/6 «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

3-1-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«3-1. Эл аралык электрондук акча системасынын операторлору/эл аралык электрондук акча системасынын эмитенттери Кыргыз Республикасынын аймагында эл аралык электрондук акчаларды колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо үчүн өз ишин ушул токтомго ылайык келтирүүгө жана 2017-жылдын 1-октябрына чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында каттоодон өтүүгө тийиш.»

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобого төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

- 1-пункт күчүн жоготкон катары таанылсын;
- 2-5-пункттар төмөнкү редакцияда берилсин:

«2. Жободо коммерциялык банктарга (мындан ары – банк), операторлорго, агенттерге, субагенттерге жана эл аралык электрондук акча системасынын операторлоруна/эл аралык электрондук акча эмитенттерине карата Кыргыз Республикасынын аймагында электрондук акча менен операцияларды ишке ашыруу тартиби жана талабы белгиленген.

3. Электрондук акча менен операциялар өзүндө электрондук акчаны чыгарууну, жайылтууну, ордун жабууну жана Кыргыз

Республикасынын аймагында электрондук акчаны пайдалануу менен төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоону камтыйт.

4. Кыргыз Республикасынын аймагында электрондук акча чыгаруу лицензиялануучу иш болуп саналат. Лицензия банкка төмөнкү операциялардын түрлөрүн гана жүзөгө ашырууга берилет:

1) электрондук акча чыгаруу, жайылтуу жана ордун жабуу;

2) электрондук акча ээлеринен интернетти, мобилдик жана башка байланыш каражаттарын колдонуу менен банкка берилүүчү товарлар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөөлөрдү жүзөгө ашыруу тапшырмаларын кабыл алуу;

3) электрондук акчаны пайдалануу менен ишке ашырылган транзакцияларды иргөө (процессинг);

4) келишим түзүлгөн акцептанттар менен кардарлардын атынан жана алардын тапшырмасы боюнча системада иштелип чыккан төлөмдөр боюнча эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу.

5. Банктар, операторлор, субагенттер, ошондой эле эл аралык электрондук акча системаларынын операторлору/эл аралык электрондук акча эмитенттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын так сактоого жана аткарууга тийиш.».

− 6-пункттун:

экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«**Электрондук акча акцептанты (акцептант)** – бул, электрондук акча чыгарган банк-эмитент менен түзүлгөн келишимге ылайык, электрондук акча менен операциялар ишке ашырылгандыгын тастыктаган документтерди сунуштоо менен товарлар же кызмат көрсөтүүлөргө төлөө үчүн электрондук акчаны кабыл алган юридикалык жак, ошондой эле жеке ишкер.»;

тогузунчу абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«**Эл аралык электрондук акча** – жайгашкан өлкөнүн мыйзамдарынын алкагында Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары Кыргыз Республикасынын резиденттери эместери тарабынан чыгарылган (эсепке алынуучу) электрондук акча, электрондук акча каражаттары, электрондук формадагы акча милдеттенмелери.»;

жыйырма бешинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«**Эл аралык электрондук акча эмитенти** – Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары эл аралык электрондук акча чыгарууну (эсепке алууну) жүзөгө ашырган жайгашкан өлкөнүн мыйзамдарына ылайык ишин жүзөгө ашырган банк же юридикалык жак.»;

жыйырма алтынчы абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«**Электрондук акча эмитенти (эмитент)** – бул, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, ошондой эле электрондук акча чыгаруу лицензиясына ээ, электрондук акчаны нак акчага айландырууга электрондук акча ээси тарабынан сунушталган акчаны айландыруу боюнча шартсыз жана кайтарымсыз милдеттенмелерди өзүнө алган банк.»;

төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«**Идентификацияланбаган электрондук капчык** – жеке адам тарабынан ачык оферттин негизинде жана ушул жобонун 31-пунктунда белгиленген чектөөлөрдүн алкагында Кыргыз Республикасынын аймагында иш алып барган эмитенттин талаптарына ылайык электрондук түзүлүштөрдүн (мобилдик телефондор, смартфондор жана башка электрондук түзүлүштөр) жардамы менен аралыктан туруп ачылуучу электрондук капчык.

**Эл аралык электрондук акча системасынын оператору** – жайгашкан өлкөнүн мыйзамдарынын алкагында иш алып барган юридикалык жак, ал Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары эл аралык электрондук акча/электрондук акча каражаттары менен операцияларды ишке ашыруу үчүн атайы программалык камсыздоонун, аппараттык жана тармактык жабдуунун техникалык колдоосун орнотот жана/же камсыз кылат.»;

− 7-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«7. Кыргыз Республикасынын аймагында чыгарылган электрондук акча улуттук валютада номинацияланууга (туюндурулууга) тийиш.

Банкка Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкө валютасында номинацияланган электрондук акча чыгарууга тыюу салынат. Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында (сом) номинацияланган эл аралык электрондук акчаны Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары чыгарууга тыюу салынат. Кыргыз Республикасынын резидент эместер тарабынан чыгарылган эл

аралык электрондук акчаны Кыргыз Республикасынын аймагында таркатуу иши банк тарабынан жүзөгө ашырылат. Банк эл аралык электрондук акчаны андан ары таркатуу үчүн агенттерди «Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө» мыйзамга жана ушул жобонун 3-главасынын §5 параграфына ылайык ишке тартууга укуктуу.»;

− 17-пункт күчүн жоготкон катары таанылсын;

− төмөнкү мазмундагы 22-1 жана 22 – 2-пункттар менен толукталсын:

«22-1. Банкка идентификацияланбаган электрондук капчыктарга электрондук акча калдыгына пайыздарды чегерүүгө жана төлөөгө тыюу салынат.

22-2. Банк лоялдуулук (бонустар) программасын жана идентификацияланган электрондук капчыктарга улуттук валютада кошуп эсептелинген бонустарды төлөөнү электрондук капчыктар ээлери пайдалануучулары менен түзүлгөн келишимге ылайык кароого укуктуу.»;

− 32-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«32. Идентификацияланбаган электрондук капчык менен бир ай ичинде ишке ашырылган транзакциялардын жалпы көлөмү бир электрондук капчык боюнча 300 (үч жүз) эсептешүү көрсөткүчүнөн ашпоого тийиш.

Ушул пункттун биринчи абзацында көрсөтүлгөн суммадан жогору болгон операцияны ишке ашыруу үчүн капчык ээлери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык идентификациялоодон өтүүсү зарыл.»;

− 63-пункттагы «Банк» деген сөз тиешелүү жөндөмө формаларда «Банк/оператор» дегенге алмаштырылсын;

− 64-пункттагы «Банк» деген сөз «Банк/оператор» дегенге алмаштырылсын.

− 4-главанын аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

«4-глава. Эл аралык электрондук акча системаларынын агентине жана эл аралык электрондук акча системаларынын операторуна/эл аралык электрондук акча эмитентине карата талаптар**»**.

− 69, 72, 75 жана 76-пункттардагы «электрондук акча боюнча эл аралык системасы/электрондук акча боюнча эл аралык системасынын эмитенти» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдө «электрондук акча боюнча эл аралык системасынын оператору/электрондук акча боюнча эл аралык системасынын эмитенти» дегенге алмаштырылсын.

− 70-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«70. Электрондук акча боюнча эл аралык системасынын оператору/электрондук акча боюнча эл аралык системасынын эмитенти каттоодон өтүү максатында Улуттук банкка каттоодон өтүү жөнүндө өтүнүч катты жана төмөнкүлөрдү камтыган документтердин топтомун сунуштайт:

− электрондук акча боюнча эл аралык системасынын операторунун/электрондук акча боюнча эл аралык системасынын эмитентинин аталышы;

− юридикалык жактын мамлекеттик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүгүнүн көчүрмөсү;

− электрондук акча боюнча эл аралык системасынын операторунун/электрондук акча боюнча эл аралык системасынын эмитентинин уруксат берүүчү документтеринин жана көрсөтүлгөн ишти жөнгө салуучу ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген электрондук акча/электрондук акча каражаттар операторунун/эмитентинин процессинг жана тейлөө боюнча ишти жүзөгө ашыруу укугун каттоо жөнүндө лицензиянын/сертификаттын/күбөлүктүн көчүрмөлөрү;

− электрондук акча боюнча эл аралык системасынын операторунун/электрондук акча боюнча эл аралык системасынын эмитентинин иш алып баруу эрежеси же эмитент жайгашкан өлкөнүн мыйзамдары боюнча эл аралык электрондук акча менен ишке ашырылган операцияларды жөнгө салуучу башка документ. Тартип бардык акча жана маалымат агымдарынын жалпы схемасын, ошондой эле электрондук акчаны пайдалануу учурунда орун алышы ыктымал болгон финансылык жана техникалык тобокелдиктерге контролдукту уюштуруу ишин да камтууга тийиш.»;

− 73 жана 74-пункттар төмөнкү редакцияда берилсин:

«73. Улуттук банк, каттоодон өткөрүү жөнүндө чечимди кабыл алган учурда, электрондук акча боюнча эл аралык системасынын

операторуна/электрондук акча боюнча эл аралык системасынын эмитентине каттоо номерин ыйгарат жана бул маалыматты Кыргыз Республикасынын аймагында иш алып барган эл аралык төлөм системасынын реестрине кошуп, чечим кабыл алынган күндөн тартып 7 календардык күндөн кечиктирилбеген мөөнөт ичинде электрондук акча боюнча эл аралык системасынын операторуна/электрондук акча боюнча эл аралык системасынын эмитентине каттоодон өткөндүгү тууралуу катты жөнөтөт.

74. Электрондук акча боюнча эл аралык системасынын оператору/электрондук акча боюнча эл аралык системасынын эмитенти өзгөртүүлөр киргизилген учурдан тартып үч жумуш күн ичинде каттоо учурунда көрсөтүлгөн кайсыл болбосун маалыматтардын өзгөргөндүгү тууралуу Улуттук банкка кат жүзүндө билдирүүгө милдеттүү. Улуттук банк сунушталган маалыматтын негизинде үч жумуш күн ичинде эл аралык төлөм системаларынын реестрине өзгөртүүлөрдү киргизет.»;

− төмөнкү мазмундагы 76-1-пункту менен толукталсын:

«76-1. Электрондук акча боюнча эл аралык системасынын оператору/электрондук акча боюнча эл аралык системасынын эмитенти Улуттук банкта каттоодон өткөн күндөн тартып 6 (алты) айдан кечиктирбестен, аталган банкка электрондук акча боюнча эл аралык системасынын агенти менен түзүлгөн келишимди/дерди сунуштоого тийиш.»;

− 77-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«77. Электрондук акча боюнча эл аралык системасынын оператору/электрондук акча боюнча эл аралык системасынын эмитенти жана электрондук акча боюнча эл аралык системасынын агенти ортосунда түзүлгөн келишимде финансылык милдеттенмелер, күндөлүк өз ара эсептешүү жүргүзүү тартиби, башка финансылык жана башка шарттар белгиленүүгө тийиш».

− 78-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«78. Электрондук акча боюнча эл аралык системасынын агенти эл аралык электрондук акчанын ордун жабуу жана ордун толуктоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштай алат, ошондой эле товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө үчүн эл аралык электрондук акчаны кабыл алуу үчүн акцептанттар менен келишимдерди түзө алат.».

− 81-пункттун экинчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Улуттук валютада ордун жабуу учурунда, конвертация эл аралык электрондук акча агенти тарабынан эл аралык электрондук акчаны жайылтуу жөнүндө келишимге ылайык Улуттук банктын расмий сайтында жайгаштырылган валютанын расмий курсун эске алуу менен жүзөгө ашырылат.».

− 6-глава күчүн жоготкон катары таанылсын.

− 2-тиркеме күчүн жоготкон катары таанылсын.

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2017-жылдын 17-майындагы № 19/2**

## Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 5-февралындагы № 5/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын коммерциялык банктарга чет өлкө валютасындагы кредиттерди улуттук валютага конвертациялоо максатында кредиттерди сунуштоосу жөнүндө» убактылуу жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 5-февралындагы № 5/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын коммерциялык банктарга чет өлкө валютасындагы кредиттерди улуттук валютага конвертациялоо максатында кредиттерди сунуштоосу жөнүндө» убактылуу жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Токтом 2017-жылдын 22-июнунан тартып күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары Н. Жениш мырзага жүктөлсүн.

**Төраганын милдетин аткаруучу** **Н. Жениш**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2017-жылдын 17-майындагы**
**№ 19/2 токтомуна тиркеме**

## Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 5-февралындагы № 5/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын коммерциялык банктарга чет өлкө валютасындагы кредиттерди улуттук валютага конвертациялоо максатында кредиттерди сунуштоосу жөнүндө» убактылуу жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр

Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 5-февралындагы № 5/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын коммерциялык банктарга чет өлкө валютасындагы кредиттерди улуттук валютага конвертациялоо максатында кредиттерди сунуштоосу жөнүндө» убактылуу жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын коммерциялык банктарга чет өлкө валютасындагы кредиттерди улуттук валютага конвертациялоо максатында кредиттерди сунуштоосу жөнүндө» убактылуу жобонун:

− 2-пункту күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 13-пункттун тогузунчу абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- убактылуу администрация, жоюу режими киргизилбеген;».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК
БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2017-жылдын 17-майындагы № 19/10**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын 7 жана 43-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банктын төмөнкү ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор (кошо тиркелет) бекитилсин:

− Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 31-октябрындагы №41/12 «Банктык эсептер, аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иш алып баруу жөнүндө нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна;

− Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 12-сентябрындагы №37/2 «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары тарабынан баалуулуктарды сактоо үчүн банктык өздүк сейфтердин кардарларга берилиши боюнча нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна.

2. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом 2017-жылдын 22-июнунан тартып күчүнө кирет.

4. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик финансылык чалгындоо кызматын, адистештирилген финансы-кредит мекемеси «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсын, депозиттерди тартуу менен иш алып барышкан микрофинансылык компанияларды жана кредиттик союздарды, Улуттук банктын областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т.Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төраганын милдетин аткаруучу Н. Жениш**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2017-жылдын 17-майындагы**
**№ 19/10 токтомуна тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор

1. Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 31-октябрындагы №41/12 "Банктык эсептер, аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иш алып баруу боюнча нускоону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

− токтомдун аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

"Банктык эсептер, банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иш алып баруу боюнча нускоону бекитүү тууралуу";

− 1-пунктта "аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен" деген сөздөр "банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен" дегенге алмаштырылсын;

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Банктык эсептер, банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иш алып баруу боюнча нускоонун:

− аталышындагы "аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен" деген сөздөр "банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен" дегенге алмаштырылсын;

− бүтүндөй текст боюнча кездешкен "аманат (депозит)" деген сөздөр "банктык аманат (депозит)" дегенге тиешелүү жөндөмөлөрдө жана сандык мааниде алмаштырылсын;

− баш сөзүнүн биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

"Нускоодо Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары - Улуттук банк) тарабынан лицензияланган коммерциялык банктардын, адистештирилген финансы-кредит мекемеси - «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсынын, депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялардын, кредиттик союздардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик өнүктүрүү банкынын (мындан ары - банктар), жеке адамдардын, жеке ишкерлердин жана юридикалык жактардын

(мындан ары - кардарлар) банктык эсептери, банктык аманаттары (депозиттер) боюнча эсептерин ачуу, жүргүзүү жана жабуу тартиби аныкталат. Нускоонун талаптары Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө” мыйзамынын 16-беренесине ылайык Улуттук банк тарабынан белгиленген чектөөлөрдү эске алганда, депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компанияларга, Кыргыз Республикасынын “Кредиттик союздар жөнүндө” мыйзамынын 4-беренесинин талабына ылайык Улуттук банк тарабынан белгиленген чектөөлөрдү эске алып, депозиттерди тартуу менен иш алып барган кредиттик союздарга, ал эми Мамлекеттик өнүктүрүү банкына Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө” мыйзамында каралган өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен таркатылат.”;

− 1-пунктунун биринчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

“Улуттук банктын лицензиясы болгон шартта юридикалык жактардан жана жеке адамдардан депозиттерди жана башка акча каражаттарын тартуу Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө”, “Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө” жана “Кредиттик союздар жөнүндө” мыйзамдарына ылайык банк операцияларынын негизги түрлөрүнүн бири болуп саналат.”;

− 11-пунктунун:

экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

“Банктык аманат (депозит) Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 749-беренесинде көрсөтүлгөн мааниде түшүнүлөт.”;

төмөнкү мазмундагы төртүнчү абзац менен толукталсын:

“Нак эмес эсептешүү - Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө” мыйзамынын 2-беренесинде көрсөтүлгөн мааниде түшүнүлөт.”;

− 13-пункт төмөнкү мазмундагы төртүнчү абзац менен толукталсын:

“- атайы эсептер.”;

− 15-пунктагы:

биринчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

“Эсептешүү (күндөлүк) эсеп - бул, акча каражаттарын сактоо жана банктардан тышкары юридикалык жактар жана жеке ишкерлер – ушул нускоонун талаптарына ылайык, айыл чарба азык-түлүгүн өндүрүүчүлөр тарабынан банктык төлөм карттарды колдонуу менен ишке ашырылган эсептешүүлөрдү (акчалай түшүүлөр, төлөөлөр, башка жеке адамдар же юридикалык жактар менен өз ара эсептешүүлөр, башка финансы-кредит уюмдарына которуулар) кошо алганда, күндөлүк эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн каралган эсеп.”;

үчүнчү абзацтагы “2005-жылдын 9-сентябрындагы №420/21/4” деген сөздөр “2005-жылдын 9-сентябрындагы № 420/21/4” дегенге алмаштырылсын;

төртүнчү абзацтагы төртүнчү сүйлөм төмөнкү редакцияда берилсин:

“Кредитти максаттуу пайдалануудагы эсептешүүлөр жана төлөмдөр, ошондой эле кредит боюнча утурумдук төлөмдөр нак жана нак эмес формада жүзөгө ашырылышы мүмкүн.”;

− Нускоо төмөнкү мазмундагы 15-1-пункту менен толукталсын:

“15-1.Атайы эсептер – бул, Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык, келишимде каралган белгилүү бир милдеттенмелерди аткаруу же белгилүү бир жагдайлардын келип жетишине чейин акча каражаттарды эсепке алуу жана блокко коюу үчүн багытталган, банк тарабынан юридикалык жактарга жана жеке адамдарга ачылган эсептер.”;

− 16-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

“16. Банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер каражаттарды сактоого жана топтоого, ошондой эле төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө багытталган. Банктык аманаттар (депозиттер) пайыздык жана пайызсыз болушу мүмкүн. Банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер келишим шарттарына жараша төмөнкүдөй бөлүнөт:

− талап боюнча төлөнүүчү банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер;

− мөөнөттүү банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер;

− кайтаруунун башка шарттарындагы аманаттар боюнча эсептер.”;

− 17-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

“17. Талап боюнча төлөнүүчү банктык аманат (депозит) боюнча эсеп – бул, жеке адам же юридикалык жак тарабынан талап боюнча төлөнүүчү банктык аманат (депозит) келишими боюнча акча каражаттарын сактоо жана топтоо үчүн колдонулган, ошондой эле төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү ишке ашыруу үчүн каралган эсеп.

Эгерде, банктык аманат (депозит) келишиминен башкасы келип чыкпаса, банкка жана аманатчы - жеке адамга карата талап боюнча төлөнүүчү аманат (депозит) боюнча банктык эсеп келишиминин эрежелери колдонулат. Мында, жеке адамдардын талап боюнча төлөнүүчү банктык аманат (депозит) эсебине алардын өздүк акча каражаттарынан тышкары эмгек акылар, автордук гонорарлар, пенсиялар, алименттер, социалдык жөлөк пулдар, башка банктык эсептен каражаттар, мурастоого байланыштуу төлөмдөр, эсеп ээсине тиешелүү болгон жеке мүлктү сатып өткөрүү үчүн төлөмдөр, акча которуулар, башка акчалай түшүүлөр жана төлөмдөр чегерилиши мүмкүн. Жеке адамдын талап боюнча төлөнүүчү банктык аманат (депозит) боюнча эсебинен жеке мүнөздөгү төлөмдөр, анын ичинде өзүнүн жеке колдонуусу үчүн алынган сатып алынган товарларга (сунушталган кызмат көрсөтүүлөр) төлөмдөр, кредит боюнча ордун жабуулар, коммуналдык жана башка ушул сыяктуу жеке мүнөздөгү төлөмдөр ишке ашырылышы мүмкүн.”;

− 18-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

“18. Мөөнөттүү банктык аманат (депозит) боюнча эсеп – бул, жеке адамдар жана юридикалык жактар мөөнөттүү банктык аманат келишими боюнча белгилүү убакыт ичинде чегерилген пайыздар боюнча киреше алып келүүчү акча каражаттарын чегерген эсеп.

Мөөнөттүү банктык аманат (депозит) боюнча эсеп акча каражаттарын сактоо жана топтоо үчүн колдонулат, үчүнчү жактар менен эсептешүүлөр үчүн каралган эмес.

Мөөнөттүү банктык аманат (депозит) суммасына пайыздар кардарга мөөнөттүү банктык аманат (депозит) келишиминин шарттарына ылайык анын талабы боюнча төлөнүп берилет же башка эсепке чегерилет.

Мөөнөттүү банктык аманат (депозит) белгиленген мөөнөт бүткөнгө чейин же келишимде көрсөтүлгөн башка жагдайлар болгонго чейин

эле кардардын талабы боюнча ага кайтарылган шартта ал боюнча пайыздар, эгерде келишимде кыйла жогорку пайыздар каралбаса, банк тарабынан талап боюнча төлөнүүчү банктык аманаттарга ылайык төлөнүп берилген пайыз өлчөмүнө дал келген өлчөмдө төлөнүп берилет. Мөөнөттүү банктык аманат (депозит) боюнча банктык аманаттын (депозиттин) негизги суммасына бөлүп-бөлүп кошумча салууга жана банктык аманат (депозит) келишимине ылайык аманаттын (депозиттин) негизги суммасынан алууга жол берилет.

Эгерде мөөнөттүү банктык аманаттын (депозиттин) суммасы белгиленген мөөнөттүн бүтүшү же башка шарттарда салынган аманаттын (депозиттин) суммасы келишимде каралган жагдайлардын келип жетиши учурунда кардар тарабынан талап кылынбаса, эгерде келишимде башкасы каралбаса, келишим мурдагы шарттарда эле узартылган катары эсептелинет.

Мөөнөттүү банктык аманаттын (депозиттин) сактоо мөөнөтү бүткөндө ал жаңы мөөнөткө кайра тариздетилиши мүмкүн. Банктык аманат (депозит) жаңы сактоо мөөнөтүнө, мөөнөттүү банктык аманаттын (депозиттин) суммасын көбөйтүү же азайтуу менен кайрадан тариздетилиши мүмкүн.

Банк аманатчынын эсеби боюнча көчүрмөнү анын талабы боюнча аны алгандан кийин беш жумуш күндөн кечиктирбестен берүүгө тийиш.”;

− Нускоо төмөнкү мазмундагы 18-1-пункту менен толукталсын:

“18-1. Банк жана кардар аманат келишимин кайтаруунун башка шарттарына ылайык түзүүсү мүмкүн. Аманат келишимин кайтаруунун башка шарттарына ылайык түзүү дегенден улам, банк түзүлгөн келишимде белгилүү бир жагдайлардын (окуялардын) келип жетишинде (келип жетпешинде) ал боюнча чегирилген пайыздарды төлөөгө жана аманаттарды кайтарууга милдеттүү дегенди түшүнүүгө болот.”;

− 22-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

“22. Банк кардарга эсеп ачуудан же эсеп боюнча операцияларды жүргүзүүдөн төмөнкү учурларда баш тартууга тийиш:

− эсеп ачуу жана ал боюнча операцияларды жүргүзүүгө тиешелүү талаптарды аткаруу, кардарды идентификациялоо жана

бенефициардык менчик ээсин (пайда алуучуну) аныктоо үчүн зарыл болгон тиешелүү документтер берилбесе;

− айкын такталбаган документтер берилсе.

Мында, банк белгилүү бир тартипте акча каражаттары же мүлк кылмыш жолу менен алынган киреше же террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоо менен байланышкандыгы же ушул максатта колдонула тургандыгы тууралуу шектенүү туулганда же шектенүүгө негиздер бар болгон учурда, тиешелүү билдирүүнү (өз шектенүүлөрүн баяндап жазуу менен) кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоого каршы аракеттерди көрүү жагында ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жөнөтүүгө тийиш.

Эгерде кардардын террористтик же экстремисттик иш-аракеттерге же массалык жок кылуучу курал жарактарды таркатууга катышы бардыгына тиешелүү Кыргыз Республикасынын мыйзам нормаларына ылайык алынган маалыматтар болсо, банк кардарга алдын ала маалымдоосуз эле, ошол кардардын каражаттары менен ишке ашырылуучу операцияларды (бүтүмдөрдү) үч жумуш күнүнө токтотуп жана/же аларга бөгөт коюуга жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга), террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоого каршы иш алып барган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте маалымдоого тийиш.

Токтотулган операциялар (бүтүмдөр) же бөгөт коюлган каражаттар менен андан аркы иш кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга), террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоого каршы иш алып барган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечиминин негизинде жүргүзүлөт.";

− 35-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

"35. Эсепке Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда арест коюулушу мүмкүн.

Эсепке арест коюуда банк эсеп боюнча ар кандай чыгымдоо операцияларын дароо токтотуусу зарыл. Эсептеги акча каражаттарынын белгилүү бир суммасы арестке алынган учурда,

ошол сумманын өлчөмүндө азайтылбаган калдык чегинде ар кандай чыгымдоо операциялары токтотулат.

Эсептерден акча каражаттарын конфискациялоо соттун мыйзамдуу күчүнө кирген чечиминин (токтомунун) негизинде гана жүргүзүлөт.";

− Нускоо төмөнкү мазмундагы 45-1-пункт менен толукталсын:

"45-1. Атайы эсеп ачуу үчүн банкка банктык эсеп ачуу үчүн каралгандай эле документтер талап кылынат. Атайы эсептер менен иштөө тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана банктын ички документтеринде аныкталган.";

− 50-пункттун биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

"Юридикалык жакты кайра өзгөртүп түзүлүшүнө (биригүү, кошулуу, бөлүү, бөлүнүү жана өзгөртүп түзүү) байланыштуу эсептерди кайра тариздетүү учурунда эсеп ээси жаңы юридикалык жакка эсеп ачкан учурдагыдай эле документтер талап кылынат.";

− 51-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

"51. Жоюу процесси башталган учурда эсепти кайра тариздетүүдө банкка төмөнкүлөр берилиши зарыл:

